Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

## 2014-жылдын биринчи жарым жылдыгы

2014-жылдын октябрь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Н. Жениш |
| Кеңештин мүчөлөрү: | С. Урустемов |
| | Г. Исакова |
| Жоопту катчы: | К. Кудабаев |

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

“Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми” Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизи болуп Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 29-июлундагы №59 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-ноябрындагы “Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө” токтому саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн маалыматтык базасын камтыйт. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Бул басылма түз инвестициялар, портфелдик жана башка инвестициялар боюнча 2013-жыл үчүн акыркы маалыматтарды камтыйт.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2014-жылдын 20-октябры.**

**Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:**

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;
— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;
- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (1994-1996-жылдар же январь-июль айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы “ачык” деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөтөлиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: kkudabaev@nbkr.kg

Уюштуруучусу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2014-жыл
Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.
“Эдем-принт” басма үйүндө чыгарылат.
Тел.: (+996 312) 47 24 20
e-mail: edem-print@mail.ru

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары**

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет (Инфляция боюнча баяндама)***

Басылманын максаты болуп кеңири коомчулукка акча-кредит саясатынын максаты жана натыйжалары жөнүндө мезгил-мезгили менен маалымдап туруу саналат. Басылмада, акча-кредит саясатын жана керектөө бааларынын индексинин динамикасын камтуу менен. тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнө жана өлкөдөгү макроэкономикалык абалга талдап-иликтөөлөр, негизги соода өнөктөштөрү болуп келген өлкөлөрдүн, ошондой эле экономиканын реалдуу жана тышкы секторлорунун өнүгүшү, инфляция боюнча орто мөөнөттүк болжолдоолор сунушталат.

Чейрек сайын электрондук калыпта кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар тизмеге ылайык таратылат жана Улуттук банктын www.nbkr.kg дарегиндеги web-сайтында “Басылмалар” бөлүгүндө жайгаштырылып келүүдө.

# Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АКЖО | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ (СДР) | атайын карыз алуунун укуктары |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БК | баалуу кагаздар |
| БФКМ | банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ЖТК | жалпы тышкы карыз |
| ИДӨ | ички дүң өнүм |
| КБ | коммерциялык банктар |
| КМШ | Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине кирген өлкөлөр |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КРӨФРТКМК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун тескөө жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы |
| МИП | Мамлекеттик инвестиция программасы |
| МИ | мамлекеттик ишкана |
| МТК | мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ОПЕК | Мунай экспорттоочу өлкөлөрдүн бирикмеси |
| РЭАК | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ТБЭС | Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УБ | Улуттук банк |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ФОБ | экспортер-өлкөнүн чек арасындагы баа |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фондусу |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы ... 7**
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер ... 27**
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ... 28
I.2-таблица. Экспортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 36
I.3-таблица. Экспортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 36
I.4-таблица. Импортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 37
I.5-таблица. Импортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ... 37
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 38
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 38
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 39
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 39
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ... 40
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ... 42
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун физикалык көлөмү ... 44
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун физикалык көлөмү ... 45
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү ... 46**
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ... 46
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ... 47
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ... 48
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ... 49
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ... 50
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ... 51
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ... 52
I.21-таблица. БАЭ товарлардын экспорту ... 53
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ... 54
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү ... 55**
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ... 55
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ... 56
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ... 57
I.26-таблица Украинадан товарлардын импорту ... 58
I.27-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ... 59
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ... 60
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ... 61
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ... 62
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ... 63
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ... 64
I.33-таблица. Кореядан товарлардын импорту ... 65
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ... 66
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери ... 67
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери ... 68
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ... 70
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ... 70
I.38-таблица. Эл аралык камдар ... 71
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ... 71
I.40-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрлөрү боюнча түзүмү ... 72
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялар балансы ... 73
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы ... 74
**II тиркеме ... 75**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ... 75

## ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДӨгө карата пайыздарда*




2014-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча импорттун төмөндөшү жана экспорт көлөмүнүн өсүшү сакталышы шартында, соода балансынын абалы жакшырган. Бул, күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын ички дүң өнүмгө (ИДӨ) карата 20,2 пайызга чейин кыскарышына өбөлгө түзгөн.

Улуттук банктын кошумча эсептөөлөрүн[1] эске алуу менен ишке ашырылган баа берүүлөргө ылайык, күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 429,5 млн. АКШ доллар (ИДӨгө карата 16,7 пайыз) чегинде катталган.

## СООДА БАЛАНСЫ

*2014-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча эң оболу, баалуу металлдарды берүүлөрдүн артышы жана мунай заттарынын импорт көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган соода балансынын тартыштыгынын кыскарышы байкалган.*

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДӨгө карата пайыздарда*




**Кыргыз Республикасынын соода балансы** 2014-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 2013-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул көрсөткүчкө салыштырмалуу 17,7 пайызга кыскаруу менен 1 397,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде ФОБ баасындагы **тышкы соода жүгүртүү** 4,7 пайызга төмөндөп, 3 032,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Улуттук статистика комитетинин (УСК) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банк) кошумча баа берүүлөрүн эске алганда, **товарлардын ФОБ баасындагы экспорту** 817,5 млн. АКШ доллар (ИДӨгө карата 29,5 пайыз)[2] өлчөмүндө түптөлүп, 2013-жылдын биринчи жарымындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 10,2 пайызга көбөйгөн. Бул жерде, экспорттун алгылыктуу динамикасы эң башкысы, алтынды берүүлөрдүн көбөйүүсү менен шартталгандыгын белгилеп кетүү зарыл.

**Алтынды эске албаганда экспорт**[3] 2013-жылдын алгачкы алты айындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, өтүп жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде 2,8 пайызга кыскарып, 443,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, кыскаруунун негизги көлөмү реэкспорттолгон товарларга, эң башкысы жүк ташуу үчүн каралган жана атайы багытта пайдаланылуучу автоунааларга, ошондой эле жер-жемиштер менен жаңгак азыгына туура келген. Ошондой эле, авиа отунунун борттогу запастарын алып кетүүнүн кыскаргандыгын да белгилеп кетүү зарыл, бул негизинен "Манас" транзиттик ташуулар борборун тейлеген чартердик каттамдар санынын азайышынан улам келип чыккан.

**Алтынды жана реэкспортту эске албаганда** экспорт[4] баа берүүнүн негизинде 5,5 пайызга жогорулап, 353,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

[1] Мунай заттарын реэкспорттоо боюнча кошумча эсептөөлөр жана «алып сатарлардын» соода жүргүзүүсү боюнча экспортко кошумча баа берүүлөр.
[2] Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүсүз экспорт көлөмү 732,5 млн. АКШ долларын түзгөн.
[3] Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз, ФОБ баасында; 2014-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрү менен алтынды эске албаганда, экспорт 528,2 млн. АКШ долларын түзгөн.
[4] Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз ФОБ баасында.

МАЗМУНУ

**1-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту***
*(млн. АКШ доллары)*

| Аталышы | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 | экспортко пайыздарда I ж/ж 2014 | алтын эске алынбаган экспортко карата, пайыздарда I ж/ж 2014 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспорт, бардыгы болуп** | **768,3** | **918,2** | **695,5** | **655,5** | **732,5** | **100,0** | — |
| Монетардык эмес алтын | 361,3 | 504,2 | 211,0 | 199,5 | 289,3 | 39,5 | — |
| Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар | 64,1 | 74,8 | 80,4 | 51,7 | 50,3 | 6,9 | 11,3 |
| Авиакеросин[1] | 24,9 | 27,3 | 40,5 | 54,5 | 46,8 | 6,4 | 10,6 |
| Жашылчалар | 26,1 | 51,1 | 43,1 | 38,4 | 45,1 | 6,2 | 10,2 |
| Башка органикалык эмес химиялык заттар | 135,1 | 5,1 | 13,3 | 14,8 | 18,7 | 2,6 | 4,2 |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | — | 5,1 | 20,7 | 8,0 | 14,0 | 1,9 | 3,2 |
| Чоюн жана болот | 1,8 | 5,2 | 11,8 | 16,0 | 13,6 | 1,9 | 3,1 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | 6,0 | 11,9 | 11,3 | 14,6 | 13,1 | 1,8 | 2,9 |
| Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек | — | — | — | 15,0 | 12,1 | 1,6 | 2,7 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 0,7 | 4,7 | 4,2 | 14,7 | 11,8 | 1,6 | 2,7 |
| Башка товарлар | 148,3 | 228,9 | 259,1 | 228,2 | 217,8 | 29,7 | 49,1 |
| **Бардыгы болуп экспорт алтынды эске албаганда** | **407,0** | **414,0** | **484,5** | **456,0** | **443,2** | — | **100,0** |
| **Бардыгы болуп экспорт алтынды жана реэкспортту эске албаганда** | **262,5** | **373,6** | **398,1** | **334,9** | **353,4** | — | — |

* ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда
[1] Борт запастарды чыгаруу

Отчеттук мезгил ичинде экспорттун ЭСТК бөлүктөрү боюнча түзүмүнүн өзгөрүшүнө ири товардык позициялар экспортунун динамикасы таасир этken. Алтынды экспорттоо көлөмү өскөндүгүнө байланыштуу, «ЭСТКнын башка категорияларында камтылбаган товарлар жана операциялар» бөлүгүнүн салыштырма салмагы 9,1 пайыздык пунктка өсүп, 39,5 пайызга жеткен. Жүк ташуу үчүн каралган жана атайы багытта пайдаланылуучу автоунааларды, айрым бир башка транспорттук каражаттарды алып кетүү көлөмүнүн төмөндөшү, экспорттун жалпы көлөмүндө “машиналар жана транспорттук жабдуулар” тобунун салыштырма салмагынын 10,5 пайызга чейин кыскарышында негизги роль ойногон. “Материалдын түрү боюнча классификацияланбаган өнөр жай товарлары” тобунун салыштырма салмагынын кыскарышы, баалуулукка жатпаган ар түрдүү металлдарды, тапталган айнекти, резина дөңгөлөктөрүн, чоюн менен болотту жана башка товарларды берүүлөрдүн көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам келип чыккан. 2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде товарлардын калган тобунун үлүшү өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлде сакталган.

**2-таблица. Экспорттун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүлүшү***
*(салыштырма салмак, пайыздарда)*

| Бөлүктүн аталышы | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| ЭСТКнын башка катег. кирбеген товарлар жана операциялар | 47,0 | 54,9 | 30,3 | 30,4 | 39,5 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 7,9 | 10,0 | 14,1 | 12,0 | 11,3 |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 4,7 | 5,5 | 10,8 | 14,3 | 10,5 |
| Материалдардын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары | 3,2 | 4,8 | 7,8 | 13,2 | 9,8 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 9,7 | 9,9 | 13,6 | 10,1 | 9,6 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана у.э. материалдар | 5,7 | 8,4 | 10,6 | 9,8 | 7,7 |
| Отундан тышкары, азык-түлүк эмес чийки заттар | 1,7 | 3,6 | 7,9 | 5,0 | 5,4 |
| Хим. заттар, башка катег. кирбеген ушундай эле продукциялары | 18,3 | 1,5 | 3,7 | 4,0 | 4,2 |
| Суусундуктар жана тамеки | 1,8 | 1,4 | 1,1 | 1,0 | 2,1 |
| Малдын майлары жана өсүмдүк майлары, мом | — | — | — | — | — |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында*

Кыргыз Республикасынын экспортунун тармактык түзүмүндө кайра **иштеп чыгуу өнөр жайынын** (металлургия, текстиль жана тигүү өндүрүшү) жана **айыл чарбасынын** продукциялары басымдуу салыштырма салмакты ээлейт.

**Металлургия продукцияларынын** 9,5 пайызга[5] өсүшү, баалуу металлдарды өндүрүү жана тазалоо көлөмүнүн көбөйүшү менен шартталган алтынды экспорттоо көлөмүнө алгылыктуу таасирин тийгизген. Контракттык орточо баалардын 18,1 пайызга[6] кыскарышына карабастан, алтынды ташып кетүүнүн айкын көлөмүнүн 77,1 пайызга жогорулашы, анын нарктык көлөмүнүн 45,0 пайызга өсүшүнө алып келген.

Зер буюмдарды жана баалуу металлдардан жасалган аларга тиешелүү буюм-заттарды эске албаганда, металлургия өндүрүшүнүн калган продукциялары боюнча берүүлөр көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган.

**3-таблица. Металлургия өндүрүшүнүн негизги продукцияларынын экспорту***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | *т* | 9,9 | 11,0 | 4,0 | 4,0 | 7,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 361,3 | 504,2 | 211,0 | 199,5 | 289,3 |
| Чоюн жана болот | *миң. т* | 6,2 | 9,7 | 12,9 | 21,5 | 16,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,8 | 5,2 | 11,8 | 16,0 | 13,6 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *миң. т* | 4,8 | 5,7 | 5,1 | 6,7 | 7,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,3 | 5,0 | 5,4 | 5,5 | 5,3 |
| Металл сыныктары жана кара металлургия калдыктары | *миң. т* | 46,2 | 94,6 | 41,3 | 37,6 | 43,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 2,4 | 7,8 | 3,7 | 3,0 | 3,0 |
| Баалуу металлдан жасалган зер буюмдар жана алардын тетиктери | *т* | — | — | 0,1 | — | 2,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | — | 0,2 | 1,5 | 1,0 | 2,6 |
| Баалуулукка жатпаган ар түрдүү металлдар | *т* | 0,4 | 0,3 | 0,4 | 1,0 | — |
| | *млн. АКШ долл.* | 2,9 | 3,7 | 4,6 | 6,5 | 0,2 |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда*

Текстиль өндүрүшүнүн, кийим-кече жана бут кийим тигүү, булгаары иштетүү жана андан буюмдарды тигүүнүн ыргактуу өсүшүнө карабастан, ушул жылдын биринчи жарымында кийим-кече тигүүнүн өсүш арымы бир аз басаңдаган[7]. Ушундан улам, январь-июнь айлары ичинде кийим-кече экспортунун көлөмү 2,8 пайызга (1,4 млн. АКШ долларына) кыскарган, бул эң оболу “токулган кездемелерден аялдар жана кыз балдар үчүн тигилген кийимдер” статьясы боюнча берүүлөрдүн кыскарышынан улам жүргөн (10,7 пайызга же 3,9 млн. АКШ долларына). Ошондой эле “кийим-кече жана токулган кийимдер же башка кийимдер” статьясы боюнча экспорттун төмөндөшү байкалган (11,7 пайызга же 0,5 млн. АКШ долларына). Тигүү өндүрүшүнүн продукцияларынын калган статьялары боюнча ташып кетүү көлөмүнүн өскөндүгү байкалган.

Бул жерде, отчеттук мезгил ичинде ушул топко кирген товарлардын олуттуу бөлүгү боюнча орточо экспорттук нарктын төмөндөгөндүгү катталгандыгын белгилеп кетүү зарыл.

[5] “Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2014-жылдын январь-июнь айлары)”, УСК.

[6] 2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде алтындын 1 трой унциясы үчүн орточо дүйнөлүк баа 1 290,2 АКШ долларын түзгөн, бул 2013-жылдын ушул эле мезгилиндеги баа деңгээлинен 15,4 пайызга төмөн; булагы: Reuters.

[7] УСКнын маалыматтары боюнча 2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде текстиль өндүрүшүндө, кийим жана бут кийим тигүү, булгаары иштетүү, андан буюмдарды жасап чыгаруу көлөмү 9,9 пайызга, анын ичинде кийим-кече тигүү 1,1 пайызга өскөн.

**4-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги продукцияларынын экспорту***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар бардыгы болуп** | ***млн. АКШ долл.*** | **64,1** | **74,8** | **80,4** | **51,7** | **50,3** |
| Аялдар жана кыздар үчүн текстиль кездемелеринен тигилген кийим-кечелер | *млн.даана* | 24,7 | 25,9 | 34,4 | 32,1 | 32,4 |
| | *млн. АКШ долл.* | 44,3 | 48,6 | 55,6 | 36,6 | 32,7 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн текстиль материалдарынан тигилген кийим-кечелер | *млн.даана* | 2,9 | 3,4 | 4,4 | 3,3 | 3,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 5,3 | 7,9 | 7,9 | 4,6 | 5,2 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | *млн.даана* | 6,4 | 7,9 | 6,1 | 3,9 | 5,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,9 | 11,7 | 8,4 | 3,9 | 4,7 |
| Трикотаж же трикотаж эмес, токулган же токулбаган кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн. АКШ долл.* | 4,5 | 4,6 | 6,2 | 4,6 | 4,1 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн. АКШ долл.* | 1,3 | 0,9 | 1,2 | 0,7 | 1,7 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн токулган же согулган кийим-кечелер | *млн.даана* | 0,6 | 1,2 | 2,2 | 3,1 | 5,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,5 | 0,7 | 1,0 | 1,0 | 1,4 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалгандан тышкаркы кийим-кече буюмдары, баш кийим | *млн. АКШ долл.* | 0,3 | 0,4 | 0,2 | 0,4 | 0,5 |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда*

МАЗМУНУ

2014-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүшү 1,4 пайызды түзгөн[8]. Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын резиденттеринин тышкы рынокко сүт жана сүт азыктары, жашылча жана пахта сыяктуу товарларды сунуштоосунун көбөйгөндүгү байкалган. Бул жерде, жашылча жана пахтаны экспорттоо көлөмүнүн өсүшү берүүлөрдүн физикалык көлөмү сыяктуу эле, экспорттук баанын жогорулоосу менен камсыздалган, ушул эле учурда сүт жана сүт азыктарын берүүлөр, контракттык орточо баалардын 22,2 пайызга төмөндөшү шартында экспорттун физикалык көлөмүнүн кыйла өсүшү (8,2 пайыз) менен шартталгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Ушуну менен катар эле, отчеттук мезгил ичинде жер-жемиштерди жана жаңгак азыгын, тирүү малды, ошондой эле дан азыктарын, унду жана крахмалды, этти жана эт азыктарын, иштетилбеген булгаарыны жана башка продукцияларды экспорттоо кыскарган. Дан азыктарын, ун жана крахмалды эске албаганда, айыл чарба азык-түлүгүн берүүлөрдүн кыскарышы анын физикалык көлөмүнүн азайышынан сыяктуу эле, экспорттолуучу товарлардын контракттык баасынын төмөндөшүнөн улам келип чыккан.

[8] “Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2014-жылдын январь-июнь айлары)”, УСК.

**5-таблица. Айыл чарбасынын негизги продукцияларынын экспорту***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар | *миң т* | 104,7 | 183,4 | 137,7 | 124,8 | 140,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 26,1 | 51,1 | 43,1 | 38,4 | 45,1 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | *миң т* | 21,6 | 16,6 | 29,0 | 27,6 | 20,6 |
| | *млн. АКШ долл.* | 10,2 | 11,7 | 21,9 | 21,3 | 11,2 |
| Пахта | *миң т* | 2,4 | 3,6 | 12,0 | 5,2 | 7,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 2,4 | 5,4 | 16,4 | 6,7 | 10,6 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 15,0 | 13,9 | 17,1 | 1,4 | 11,1 |
| | *млн. АКШ долл.* | 10,7 | 13,4 | 13,8 | 1,5 | 9,8 |
| Тирүү малдар | *миң т* | 12,5 | 20,8 | 16,0 | 470,7 | 9,7 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,7 | 3,7 | 3,9 | 5,6 | 4,4 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,2 | 0,3 | 0,2 | 0,2 | 0,2 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,0 | 1,5 | 1,8 | 3,0 | 2,3 |
| Ири мүйүздүү мал терилери жана иштетилбеген булгаары | *миң т* | 131,6 | 731,9 | 777,1 | 715,4 | 551,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 0,4 | 2,3 | 3,1 | 2,2 | 1,7 |
| Дан азыктары, ундан жана жашылча-жемиш крахмалынан жасалган азыктар | *миң т* | 0,5 | 0,6 | 0,9 | 0,6 | 0,9 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,1 | 1,7 | 2,8 | 2,1 | 0,8 |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда*

2014-жылдын биринчи жарымында каттоодон өткөн **реэкспорттун**[9] экспорттун жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы 18,5 пайыздан 12,3 пайызга (89,8 млн. АКШ доллары) чейин төмөндөгөн. Жогоруда белгиленгендей эле, реэкспорттун кыскарышы айрыкча, “жүк ташуу үчүн каралган жана атайы багытта пайдаланылуучу автоунаалар” статьясы боюнча берүүлөрдүн азайышынан улам келип чыккан, анын көлөмү 60,7 пайызга же 12,2 млн. АКШ долларына төмөндөгөн. Ошондой эле чоюнду, болотту, резина дөңгөлөктөрүн, автоунааларга тиешелүү тетиктер менен буюмдарды, жер семирткичтерди ж.б. берүүлөр азайган. Ушуну менен катар эле, 2014-жылдын январь-июнь айлары ичинде башка органикалык эмес химиялык заттардын, учуучу аппараттардын жана аларга керектүү жабдуулардын, ошондой эле жеңил автоунаалардын жана эл ташуу үчүн каралган башка каражаттардын реэкспортунун көбөйгөндүгү байкалган.

[9] Реэкспорт – бул, мурда алынып келген чет өлкө товарларын (башка өлкөлөрдө өндүрүлгөн жана импорттолгон) баштапкы импорттолгон абалында эле өлкөдөн алып чыгуу.

**6-таблица. Негизги продукциялардын реэкспорту***
*(млн. АКШ доллары)*

| Аталышы | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Реэкспорт, бардыгы болуп** | **144,5** | **40,4** | **86,4** | **121,1** | **89,8** |
| Башка органикалык эмес заттар | 106,1 | 2,8 | 13,3 | 14,8 | 18,7 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 0,6 | 4,7 | 4,2 | 14,7 | 11,8 |
| Автомобиль тетиктери жана буюмдар | 3,0 | 9,3 | 9,6 | 12,8 | 10,8 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 2,0 | 1,0 | 18,6 | 20,2 | 7,9 |
| Чоюн жана болот | — | 2,2 | 8,8 | 11,8 | 6,8 |
| Жеңил автоунаалар жана эл ташууга багытталган транспорт каражаттары | 0,4 | 1,3 | 3,3 | 4,6 | 5,7 |
| Учуучу аппараттар жана аларга байланыштуу жабдуулар | 1,0 | 0,3 | 0,4 | 2,1 | 5,0 |
| Баштапкы формадагы пластмассалар | 0,1 | — | 1,5 | 2,9 | 2,3 |
| Кол жана машина менен иштетүүчү инструменттер | — | 1,9 | 3,0 | 1,8 | 1,5 |
| Жер семирткичтер | 0,1 | 0,6 | 2,0 | 2,1 | 1,3 |
| Башка товарлар | 31,4 | 16,2 | 21,7 | 33,3 | 17,9 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча экспорттун **географиялык түзүмүндө** олуттуу деле өзгөрүүлөр жүргөн эмес.

2013-жылдын январь-июнь айларындагыдай эле, Бажы бирлигине кирген өлкөлөр Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөштөрүнөн болгон. Россия Федерациясы, Казакстан жана Беларусь чогуу алганда Кыргызстандын экспортунун 31,6 пайызын ээлейт. Экспорттун жалпы көлөмүндө Швейцариянын салыштырма салмагы отчеттук мезгил ичинде 29,6 пайыздан 24,7 пайызга чейин кыскарган. Ошону менен бирге эле, өтүп жаткан жылдын биринчи жарымында Бириккен Араб Эмираттарынын үлүшү 1,4 пайыздан 15,5 пайызга чейин өскөндүгү байкалган, бул алтындын экспортунун бир бөлүгүн ушул өлкөгө кайра багыттоодон улам келип чыккан. Бүтүндөй алганда, Кыргыз Республикасы отчеттук мезгил ичинде дүйнөнүн 75 өлкөсүнө товарларды экспорттогон (2013-жылдын январь-июнь айларында 79 өлкөгө экспорт ишке ашырылган эле).

Алтынды эске албаганда, товарлардын айрым түрлөрүн географиялык бөлүштүрүү, КМШ өлкөлөрү Кыргызстанда өндүрүлгөн товарлар сатып өткөрүлгөн негизги рынок экендигин тастыктаган. Ошондой болсо да, жашылча-жемиштерди жана жаңгак азыгын берүүлөрдө алыскы чет өлкөлөрдүн салыштырма салмагы артып жаткандыгын белгилеп кетүү зарыл. Алсак, жашылча экспорттоодо Түркиянын үлүшү 40,1 пайызга (2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында 18,3 пайыз), ал эми Кытайдын жер-жемиш жана жаңгак азыгынын экспортундагы салыштырма салмагы 19,8 пайызга (2013-жылдын январь-июнь айларында 3,5 пайыз) жеткен.

Мында, көпчүлүк ири экспорттук товарлардын географиялык концентрациялануу деңгээли жогору бойдон сакталып калган.

МАЗМУНУ

**7-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү***
*(млн. АКШ доллары)*

| Товарлардын аталышы | Мамлекеттер | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 | бардыгына карата, пайыздарда, I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтын (монетардык эмес)** | **Бардыгы болуп** | **361,3** | **504,2** | **211,0** | **199,5** | **289,3** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Швейцария | 131,5 | 366,2 | 211,0 | 192,9 | 180,2 | 62,3 |
| | БАЭ | 229,8 | 137,3 | — | — | 105,4 | 36,4 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **64,1** | **74,8** | **80,4** | **51,7** | **50,3** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Казакстан | 0,2 | 0,4 | 25,6 | 48,9 | 48,8 | 97,1 |
| | Россия | 63,3 | 74,0 | 54,6 | 2,6 | 1,0 | 1,9 |
| **Авиакеросин** | **Бардыгы болуп** | **24,9** | **27,3** | **40,5** | **54,5** | **46,8** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 7,2 | 12,6 | 19,3 | 23,8 | 21,1 | 45,2 |
| | Түркия | 5,1 | 4,2 | 6,4 | 8,6 | 11,1 | 23,7 |
| | Кытай | 1,1 | 1,1 | 3,9 | 3,8 | 3,2 | 6,8 |
| **Жаңы үзүлгөн, тоңдурулган же консервацияланган жашылчалар** | **Бардыгы болуп** | **26,1** | **51,1** | **43,1** | **38,4** | **45,1** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Казакстан | 5,0 | 23,7 | 27,9 | 21,2 | 18,7 | 41,4 |
| | Түркия | 6,5 | 12,4 | 4,8 | 7,0 | 18,1 | 40,1 |
| | Болгария | 2,9 | 2,0 | 3,1 | 2,1 | 2,0 | 4,4 |
| | Сербия | 0,5 | 0,1 | 0,1 | 0,3 | 1,8 | 4,0 |
| **Башка органикалык эмес заттар** | **Бардыгы болуп** | **135,1** | **5,1** | **13,3** | **14,8** | **18,7** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Казакстан | 10,0 | 5,1 | 13,3 | 14,8 | 18,7 | 100,0 |
| **Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек** | **Бардыгы болуп** | — | — | — | **15,0** | **12,1** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Өзбекстан | — | — | — | 0,4 | 4,9 | 40,5 |
| | Казакстан | — | — | — | 6,8 | 4,6 | 38,2 |
| | Россия | — | — | — | 7,7 | 1,5 | 12,8 |
| | Тажикстан | — | — | — | 0,1 | 1,0 | 8,5 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **10,2** | **11,7** | **21,9** | **21,3** | **11,2** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Казакстан | 0,4 | 3,6 | 16,0 | 16,4 | 6,6 | 59,1 |
| | Кытай | 0,3 | 0,2 | 0,2 | 0,7 | 2,2 | 19,8 |
| | Иран | 0,6 | 1,7 | 1,1 | 0,7 | 1,0 | 9,0 |
| | Россия | 8,8 | 5,2 | 2,9 | 0,4 | 0,5 | 4,0 |
| **Ысытуу лампалары** | **Бардыгы болуп** | **8,0** | **9,6** | **8,6** | **10,6** | **11,1** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 2,6 | 3,5 | 1,8 | 2,9 | 2,9 | 26,2 |
| | Өзбекстан | 2,2 | 2,0 | 1,8 | 2,3 | 2,9 | 25,8 |
| | Азербайжан | 0,5 | 0,5 | 0,9 | 1,1 | 2,1 | 19,2 |
| | Түркмөнстан | 0,7 | 1,2 | 1,2 | 1,3 | 2,0 | 17,6 |
| **Пахта** | **Бардыгы болуп** | **2,4** | **5,4** | **16,4** | **6,7** | **10,6** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 1,4 | 4,3 | 12,6 | 3,5 | 5,3 | 50,6 |
| | Түркия | 1,0 | 0,4 | 2,7 | 3,2 | 4,7 | 42,2 |
| | БАЭ | — | — | — | — | 0,4 | 3,8 |
| **Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **10,7** | **13,4** | **13,8** | **1,5** | **9,8** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Казакстан | 10,5 | 13,2 | 13,8 | 0,5 | 9,8 | 100,0 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске албаганда

МАЗМУНУ

**Товарлардын ФОБ баасындагы импорту** жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча 2 214,6 млн. АКШ долларын түзгөн жана акыркы жылдардын тиешелүү мезгили үчүн анын көлөмүнүн максималдуу маанисине жеткен 2013-жылдын январь-июнь айларына салыштырууда 9,2 пайызга төмөндөгөн.

**8-таблица. Импорттун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүлүшү***

*(салыштырма салмак, пайыздарда)*

| Бөлүктүн аталышы | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 20,2 | 21,3 | 25,9 | 24,7 | 24,9 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай эле материалдар | 27,4 | 21,7 | 22,7 | 21,9 | 18,5 |
| Материалдын түрү боюнча классификацияланган, өнөр жай товарлары | 14,0 | 15,2 | 15,3 | 15,3 | 17,2 |
| Башка категорияда камтылбаган химиялык заттар жана ушундай эле продуктылар | 12,5 | 12,5 | 11,1 | 12,1 | 13,2 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 12,3 | 14,1 | 11,1 | 11,1 | 11,4 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 7,4 | 8,8 | 8,2 | 8,6 | 8,2 |
| Суусундуктар жана тамеки | 2,9 | 2,8 | 2,3 | 2,3 | 2,7 |
| Отундан тышкары, азык-түлүктөн башка чийки заттар | 1,8 | 2,0 | 1,8 | 2,5 | 2,4 |
| Мал жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана мом | 1,5 | 1,4 | 1,2 | 1,2 | 1,2 |
| ЭСТКнын башка катег. кирбеген тов-р жана операциялар | — | — | 0,4 | 0,3 | 0,3 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

Отчеттук мезгил ичинде импорттун товардык түзүмүндө унаалар жана унаа жабдуулары көбүрөөк салыштырма салмакка ээ болгон (24,9 пайыз). Мындай топко кирген товарларды ташып келүүнүн нарктык көлөмү 8,4 пайызга кыскарып, 597,1 млн. АКШ долларын түзгөн[10]. Жүк ташуу үчүн каралган жана атайы багытта пайдаланылган автоунааларды ташып келүүнүн кыскарышы ушул топтун төмөндөшүнө айрыкча таасирин тийгизген. Ушуну менен катар эле, “учуучу аппараттар жана аларга тиешелүү жабдуулар”, “транспорт каражаттарынын ички кыймылдаткычтары”, “механикалык күрөктөр, экскаваторлор жана сузуп жүктөгүчтөр” сыяктуу статьялардын импорт көлөмү да азайган. Мунун орду, сырттан алынып келинген, мурда колдонулган жеңил жана жүк ташуучу автоунаалардын, жеңил автоунаалардын жана эл ташуучу башка унаалардын, ар түрдүү электр приборлорун жана трансформаторлорду ташып келүү көлөмүнүн көбөйүшү менен компенсацияланган.

Бул жерде ошондой эле, автоунаалардын тетиктери жана ага тиешелүү каражаттар, учуучу аппараттар жана аларга тиешелүү жабдуулар, жүк ташуу үчүн каралган жана атайы багытта пайдаланылуучу автоунаалар жана башкалар, андан ары реэкспорттоо үчүн алынып келинерин белгилеп кетүү зарыл.

МАЗМУНУ

[10] УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында.

**9-таблица. "Машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобу боюнча негизги товарлар***
*(млн. АКШ доллары)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн. АКШ долл.*** | **269,9** | **373,8** | **605,0** | **651,9** | **597,1** |
| Мурда пайдаланууда болгон жеңил автоунаалар | *миң. даана* | 10,3 | 15,8 | 34,9 | 31,1 | 39,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 39,4 | 63,9 | 148,7 | 116,0 | 134,0 |
| Мурда пайдаланууда болгон жүк ташуучу автоунаалар | *миң. даана* | 0,7 | 1,7 | 3,6 | 3,7 | 5,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,4 | 11,3 | 26,4 | 25,7 | 37,0 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | *миң. даана* | 1,0 | 1,4 | 2,8 | 2,7 | 0,8 |
| | *млн. АКШ долл.* | 26,9 | 43,5 | 78,9 | 72,7 | 29,3 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | *миң. даана* | 437,7 | 994,6 | 737,0 | 782,5 | 815,0 |
| | *млн. АКШ долл.* | 15,6 | 37,8 | 35,2 | 26,5 | 27,7 |
| Жеңил автоунаалар жана эл ташууга багытталган транспорт каражаттары | *миң. даана* | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 1,1 | 1,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 7,6 | 11,0 | 8,3 | 18,0 | 26,6 |
| Жарым трейлер үчүн жол унаалары | *миң. даана* | 0,1 | 0,4 | 1,0 | 1,0 | 0,5 |
| | *млн. АКШ долл.* | 1,7 | 6,7 | 19,8 | 31,0 | 24,1 |
| Автоунааларга тиешелүү буюмдар жана тетиктер | *млн. АКШ долл.* | 10,8 | 15,7 | 24,7 | 27,1 | 23,0 |
| Жүк ташуу үчүн чиркегичтер жана жарым чиркегичтер | *млн. АКШ долл.* | 3,0 | 4,7 | 9,8 | 10,0 | 15,1 |
| Жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдуулардын башка катег. камтылбаган тетиктери | *млн. АКШ долл.* | 10,6 | 13,0 | 17,2 | 17,4 | 13,9 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор, өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | *миң. даана* | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,3 |
| | *млн. АКШ долл.* | 3,1 | 13,4 | 15,8 | 19,3 | 13,0 |
| Темир жол транспорт каражаттары | *млн. АКШ долл.* | 0,4 | 1,3 | 2,3 | 6,3 | 11,8 |
| Изоляцияланган электр өткөргүчтөрү, кабель | миң. т | 0,8 | 1,2 | 1,6 | 2,7 | 2,4 |
| | млн. АКШ долл. | 3,0 | 5,2 | 7,3 | 16,2 | 10,7 |
| Башка товарлар | млн. АКШ долл. | 147,3 | 159,3 | 229,7 | 310,5 | 275,8 |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында*

Өтүп жаткан жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча "минерал отуну, майлоочу майлар жана ушундай материалдар" тобунун салыштырма салмагы 3,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 18,5 пайызды түзгөн (нарктык мааниде алганда 442,5 млн. АКШ долларын). Бул топто мунай заттары басымдуу салыштырма салмакты ээлейт.

Отчеттук мезгил ичинде мунай заттарын ташып келүү көлөмүнүн 24,6 пайызга кыскарышы байкалган. Бул, мунай заттарынын импортунун физикалык көлөмүнүн 21,8 пайызга жана контракттык орточо баанын 2013-жылдын январь-июнь айларынын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 3,8 пайызга төмөндөшүнөн улам келип чыккан. Күйүүчү-майлоочу материалдарды импорттоонун кыскарышына бензин, дизель жана авиация отуну негизги салым кошкон, алардын чогуу алгандагы көлөмү 28,5 пайызга (абсолюттук мааниде алганда 139,0 млн. АКШ доллары) азайган. Ушуну менен бирге эле мазутту, чийки мунайды жана башка мунай заттарын берүүлөр көбөйгөн (чогуу алганда 60,7 пайызга же 12,8 млн. АКШ долларына).

**10-таблица. Мунай заттардын импорту***
*(млн. АКШ доллары)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 | бардыгына карата, пайыздарда, I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **550,6** | **455,0** | **596,6** | **703,0** | **550,1** | **100,0** |
| | ***млн АКШ долл*** | **314,0** | **315,7** | **456,1** | **513,2** | **387,1** | **100,0** |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 177,7 | 208,1 | 320,6 | 382,4 | 286,1 | 52,0 |
| | *млн АКШ долл* | 105,6 | 135,1 | 228,0 | 250,6 | 186,8 | 34,0 |
| Дизель отуну | *миң т* | 126,6 | 136,0 | 201,9 | 248,6 | 191,7 | 34,8 |
| | *млн АКШ долл* | 69,2 | 103,8 | 158,1 | 190,5 | 140,8 | 25,6 |
| Авиакеросин | *миң т* | 176,2 | 50,6 | 41,4 | 52,7 | 28,6 | 5,2 |
| | *млн АКШ долл* | 112,2 | 46,1 | 44,4 | 50,9 | 25,4 | 4,6 |
| Башка майлоочу майлар | *миң т* | 4,7 | 6,6 | 7,4 | 7,7 | 7,5 | 1,4 |
| | *млн АКШ долл* | 7,2 | 11,2 | 12,8 | 14,9 | 15,1 | 2,7 |
| Мазут | *миң т* | 45,5 | 53,6 | 16,5 | 5,5 | 16,8 | 3,1 |
| | *млн АКШ долл* | 12,1 | 19,5 | 7,1 | 2,9 | 8,1 | 1,5 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | 14,7 | — | 6,3 | 0,9 | 4,9 | 0,9 |
| | *млн АКШ долл* | 5,1 | — | 4,0 | 0,6 | 2,8 | 0,5 |
| Жана башка мунай заттары | *миң т* | 5,2 | 0,1 | 2,5 | 5,2 | 14,5 | 2,6 |
| | *млн АКШ долл* | 2,5 | — | 1,5 | 2,8 | 8,0 | 1,5 |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында*

Күйүүчү-майлоочу материалдардан тышкары бул топто жаратылыш газы менен көмүр олуттуу үлүштү ээлейт. Отчеттук мезгил ичинде аларды сунуштоо көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша 29,2 жана 4,3 пайызга кыскарган (абсолюттук мааниде алганда 0,6 жана 12,1 млн. АКШ доллары).

Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарларынын салыштырма салмагы 1,9 пайыздык пунктка көбөйүп, импорттолгон товарлардын жалпы көлөмүнүн 17,2 пайызына жеткен. Бул топто “чоюн жана болот” статьясы ири товарлардан болуп эсептелет, аларды импорттоо отчеттук мезгил ичинде 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырмалуу 6,1 пайызга өскөн. Текстиль кездемелери, резина дөңгөлөктөрү, кагаздан жана металлдан жасалган ар кандай буюмдар, ошондой эле курулуш материалдары аталган топтун маанилүү товарларына кирет. Жасалма материалдардан токулган кездемелерди жана резина дөңгөлөктөрүн импорттоо көлөмү өтүп жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде, тиешелүүлүгүнө жараша 7,0 жана 33,5 пайызга төмөндөгөн. Бул топко кирген башка товарлар боюнча ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн көбөйүшү сыяктуу эле, импорттук баанын жогорулашы менен шартталган нарктык көлөмдүн өсүшү байкалган.

**11-таблица. “Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары”***
*(млн. АКШ доллары)*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн.АКШ долл*** | **187,1** | **267,0** | **357,5** | **404,8** | **413,0** |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 57,2 | 63,5 | 106,1 | 141,2 | 164,0 |
| | *млн АКШ долл* | 42,2 | 54,0 | 93,1 | 118,8 | 126,0 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн кв м* | 69,4 | 102,7 | 116,7 | 76,4 | 65,1 |
| | *млн АКШ долл* | 16,5 | 28,0 | 30,4 | 32,6 | 30,3 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *млн даана* | 0,5 | 0,7 | 0,8 | 0,6 | 0,7 |
| | *млн АКШ долл* | 18,8 | 21,1 | 34,7 | 41,6 | 27,7 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 9,7 | 13,0 | 14,2 | 14,8 | 16,8 |
| | *млн АКШ долл* | 11,3 | 15,9 | 18,2 | 21,4 | 22,5 |
| Чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган, башка категорияда камтылбаган конструкциялар | *миң т* | 2,6 | 3,2 | 6,1 | 8,5 | 11,0 |
| | *млн АКШ долл* | 3,9 | 7,8 | 10,0 | 14,6 | 19,7 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | *миң куб м.* | 29,7 | 35,4 | 71,5 | 84,0 | 51,5 |
| | *млн АКШ долл* | 8,0 | 11,9 | 17,1 | 16,3 | 17,4 |
| Сырдалган керамика плиткалары | *млн.кв.м* | 0,8 | 1,0 | 1,4 | 1,5 | 2,2 |
| | *млн АКШ долл* | 3,9 | 5,1 | 6,7 | 11,1 | 13,9 |
| Сымдан жасалган буюмдар жана тосмо торлор | *миң т* | 0,9 | 1,2 | 2,3 | 5,5 | 4,8 |
| | *млн.АКШ долл.* | 1,0 | 2,2 | 4,9 | 6,1 | 11,8 |
| Башка категорияда камтылбаган, кагаздан жана картондон жасалган буюмдар | *миң т* | 1,9 | 2,0 | 2,3 | 2,7 | 3,4 |
| | *млн АКШ долл* | 5,3 | 7,9 | 7,5 | 10,0 | 11,2 |
| Жыгач-булалуу плита | *млн.кв.м* | 2,1 | 2,8 | 3,5 | 2,9 | 3,7 |
| | *млн АКШ долл* | 3,4 | 5,8 | 7,2 | 7,1 | 8,2 |
| Алюминий | *миң т* | 0,8 | 0,6 | 1,1 | 2,5 | 2,7 |
| | *млн АКШ долл* | 2,5 | 1,9 | 3,6 | 7,9 | 8,2 |
| Башка товарлар | *млн АКШ долл* | 70,2 | 105,3 | 124,1 | 117,4 | 116,0 |

** УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында*

**Импортту географиялык бөлүштүрүүдө** отчеттук мезгил ичинде Бажы бирлигине кирген өлкөлөрдүн салыштырма салмагы (46,3 пайыздан 43,9 пайызга чейин) төмөндөгөндүгү байкалган. Демек, калган өлкөлөрдүн салыштырма салмагы импорттун тең жарымынан ашкан (56,1 пайыз).

Россия Федерациясы күйүүчү-майлоочу материалдарды негизги сунуштоочудан болуп эсептелет. Негизги азык-түлүк товарлары КМШ өлкөлөрүнөн импорттолуп алынган. Аталган өлкөлөрдөн дан эгиндери, андан жасалган азыктар, шекер, өсүмдүк майы, башка тамак-аш азыктары импорттолуп алынган.

Алыскы чет өлкөлөрдүн салыштырма салмагы алынып келген азык-түлүктөн башка керектөө товарлары түзүмүндө көбүрөөк байкалат. Мында, кийим-кечелерди сунуштоодо Кытай менен Түркиянын чогуу алгандагы салыштырма салмагы 93,0 пайыздан ашкан. Импорттолгон автоунаалардын 80,0 пайыздан көбү алыскы чет өлкөлөрдөн, айрыкча Япониядан, Германиядан, Кореядан жана АКШдан алынып келет.

МАЗМУНУ

## 12-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*

*(млн. АКШ доллары)*

| Кызмат аталышы | Мамлекеттер | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 | бардыгына карата, пайыздарда, I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар** | **Бардыгы болуп** | **315,1** | **327,5** | **469,5** | **522,3** | **396,7** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 263,3 | 290,9 | 453,6 | 507,9 | 377,8 | 95,2 |
| | Казакстан | 42,8 | 22,8 | 7,7 | 4,5 | 8,0 | 2,0 |
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **49,7** | **82,8** | **197,6** | **184,6** | **200,0** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Япония | 22,6 | 43,6 | 88,7 | 66,0 | 92,8 | 46,4 |
| | Германия | 14,2 | 20,9 | 49,0 | 46,1 | 38,2 | 19,1 |
| | Корея | 4,3 | 4,5 | 13,3 | 11,7 | 23,7 | 11,9 |
| | АКШ | 2,2 | 3,0 | 11,3 | 7,8 | 10,9 | 5,4 |
| | Швеция | 0,6 | 1,8 | 8,4 | 11,7 | 8,4 | 4,2 |
| **Медикаменттер** | **Бардыгы болуп** | **46,3** | **71,5** | **67,7** | **90,3** | **80,9** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 6,9 | 8,5 | 10,2 | 11,3 | 8,5 | 10,5 |
| | Индия | 4,4 | 6,4 | 6,1 | 8,2 | 6,4 | 7,9 |
| | Германия | 3,1 | 3,8 | 5,2 | 7,6 | 5,7 | 7,0 |
| | Швейцария | 2,8 | 2,8 | 1,1 | 4,5 | 5,1 | 6,3 |
| | Венгрия | 1,8 | 3,0 | 4,0 | 3,9 | 4,8 | 5,9 |
| **Кийим-кечелер жана аларга тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **35,5** | **69,5** | **81,6** | **93,3** | **73,5** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Кытай | 28,1 | 59,0 | 63,3 | 77,4 | 54,4 | 74,0 |
| | Түркия | 4,4 | 6,9 | 14,2 | 12,4 | 14,1 | 19,1 |
| | Индия | 0,4 | 0,4 | 0,8 | 0,7 | 0,8 | 1,1 |
| **Эт жана эт азыктары** | Бардыгы болуп | 30,8 | 37,6 | 35,5 | 37,6 | 44,0 | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Кытай | 7,3 | 9,1 | 10,3 | 12,6 | 18,1 | 41,3 |
| | АКШ | 22,0 | 25,3 | 20,6 | 19,8 | 17,8 | 40,6 |
| | Украина | 0,3 | 0,9 | 1,2 | 2,2 | 3,4 | 7,8 |
| **Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана угут** | Бардыгы болуп | 22,5 | 34,2 | 39,5 | 43,0 | 43,7 | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Казакстан | 22,4 | 34,2 | 39,5 | 36,5 | 43,6 | 100,0 |
| **Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар** | **Бардыгы болуп** | **22,1** | **32,1** | **35,7** | **37,3** | **31,0** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 8,9 | 14,7 | 18,3 | 19,3 | 14,3 | 46,0 |
| | Украина | 6,4 | 8,9 | 7,4 | 7,3 | 6,4 | 20,6 |
| | Казакстан | 1,8 | 2,4 | 3,0 | 2,9 | 3,1 | 10,1 |
| **Өсүмдүк майлары жана тоң майлар** | **Бардыгы болуп** | **18,5** | **22,6** | **25,5** | **28,4** | **23,8** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 9,2 | 10,8 | 17,1 | 19,0 | 17,1 | 72,0 |
| | Казакстан | 6,3 | 3,4 | 4,1 | 4,8 | 4,4 | 18,6 |
| | Украина | 2,8 | 6,3 | 3,6 | 3,0 | 1,4 | 5,8 |
| | Түркмөнстан | 0,1 | 1,0 | 0,1 | 0,3 | 0,2 | 1,0 |
| | Иран | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,3 | 0,2 | 0,8 |
| **Башка категорияларда камтылбаган, тамак-аш продукциялары** | **Бардыгы болуп** | **7,5** | **14,5** | **20,8** | **22,9** | **23,0** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 4,7 | 9,7 | 15,6 | 16,3 | 15,5 | 67,3 |
| | Швейцария | 0,6 | 0,7 | 1,3 | 1,3 | 1,4 | 6,2 |
| | Нидерланд | 0,2 | 0,2 | 0,9 | 0,7 | 1,1 | 5,0 |
| | Казакстан | 0,7 | 1,3 | 0,6 | 0,7 | 0,4 | 1,6 |
| | Кытай | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,7 | 0,8 | 3,4 |
| **Кант, патока жана бал** | **Бардыгы болуп** | **20,4** | **35,8** | **32,5** | **29,9** | **21,9** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Беларусь | 15,1 | 30,6 | 19,0 | 10,6 | 7,4 | 34,0 |
| | Украина | 0,1 | 0,1 | 4,0 | 12,8 | — | — |
| | Азербайжан | 1,1 | 2,2 | 0,8 | 2,4 | 6,9 | 31,5 |
| **Дан азыктары, ундан же өсүмдүк жана жашылча крахмалынан жасалган азыктар** | **Бардыгы болуп** | **8,6** | **13,4** | **16,5** | **21,3** | **20,3** | |
| | алардын ичинен | | | | | | |
| | Россия | 2,8 | 4,6 | 5,2 | 7,4 | 9,4 | 46,3 |
| | Украина | 3,9 | 5,8 | 7,3 | 8,0 | 6,3 | 30,8 |
| | Казакстан | 1,4 | 1,8 | 2,4 | 2,5 | 3,0 | 14,7 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

МАЗМУНУ

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасына дүйнөнүн 125 өлкөсү импортту ишке ашырган (2013-жылдын январь-июнь айларында – 123 өлкөдөн).

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

*Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын көлөмү төмөндөгөндүгүнө карабастан, эл аралык кызмат көрсөтүү жүгүртүүсү отчеттук мезгил ичинде өсүшкө ээ болгон.*

**3-график. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасы***

*(млн. АКШ долларында)*




* Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске алуу менен

**4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдүн балансы**

*ИДӨгө карата пайыздарда*




Өтүп жаткан жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 0,8 пайызга өсүп, 952,3 млн. АКШ доллар деңгээлине жеткен.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы** (төлөм теңдеминин нейтралдуу түрдө берилиши) терс түптөлүү менен 128,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги кызмат көрсөтүү балансынын тартыштыгынан 17,8 пайызга көп. Мында, Кыргыз Республикасынын резиденттери тарабынан резидент эместерге кызмат көрсөтүү көлөмү 1,4 пайызга кыскарган шартта, кызмат көрсөтүү импорту 2,6 пайызга өскөндүгү байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр экспорту** 412,1 млн. АКШ долларына жеткен, бул товарларды экспорттоо көлөмүнүн 50,4 пайызына туура келет. **Кызмат көрсөтүүлөр импорту** 540,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, ал товарлар импортунун 24,4 пайызын түзөт.

Отчеттук мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн аныктоочу статьяларынан болуп, мурдагыдай эле транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, кыдыруулар жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр эсептелген, алар эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы жүгүртүү көлөмүнүн 83,1 пайызын ээлеген.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр сальдосу 2014-жылдын биринчи жарым жылдыгында мурдагыдай эле терс түптөлүп, 211,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2013-жылдын январь-июнь айларына караганда 9,5 пайызга көп. Мында транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспорту 15,2 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган, ошол эле учурда транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импорту 2,4 пайызга өскөн. Аба транспортунун кызмат көрсөтүүлөр экспорту 27,2 пайызга кыскарышынын эсебинен резидент эместерге сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү азайган. Автоунаа кызмат көрсөтүүлөр импорту 22,1 пайызга төмөндөгөндүгүнө карабастан, өлкө резиденттерине аба, темир жол жана башка транспорт түрлөрү аркылуу сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшү, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импортунун жалпы көлөмүнүн көбөйүшүн шарттаган.

“Кыдыруулар” статьясынын сальдосу 12,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө профицити менен түптөлгөн, бул 2013-жылдын биринчи жарым жылындагы салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчтөн 80,7 пайызга төмөн. Бул Кыргыз Республикасынын жарандарына чет өлкөдө сунушталган кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнө салыштырганда (0,5 пайыз), кыдырууларга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр экспортунун озгон арымда кыскарышынан (22,7 пайыз) улам келип чыккан.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту оң түптөлүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 63,5 пайызга көбөйүү менен 31,9 млн. АКШ долларына жеткен. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр боюнча көрсөткүчтүн жакшырuусу алардын импорту 20,3 пайызга кыскарган шартта, кызмат көрсөтүүнүн бул түрүнүн экспорту 3,6 пайызга өсүшү менен камсыз кылынган. Кыргыз Республикасынын резиденттерине сунушталган консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскарышы, ишкердик кызмат көрсөтүүлөр импортун кыскартууга өбөлгө түзгөн

негизги фактордон болгон. Кызмат көрсөтүүнүн ушул түрүнүн экспортунун кыскарышы, биринчи кезекте архитектуралык, инженердик жана техникалык кызмат көрсөтүүлөрдүн, ошондой эле тоо-кендерин казып алуу өнөр жайы тармагындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун төмөндөшүнө байланыштуу.

### КИРЕШЕЛЕР

*“Кирешелер” статьясынын динамикасы негизинен, тике инвестициялар боюнча кирешелердин, резидент эместерге чегерилген төлөөлөр көлөмүнүн өзгөрүшү менен аныкталган.*

2014-жылдын январь-июнь айларында “кирешелер” статьясынын сальдосу 118,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2013-жылдын биринчи жарымындагы көрсөткүчтөн 30,2 пайызга аз.

Мындай тенденциянын түптөлүшү, негизинен, тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстандагы инвестициялык ишинен кирешелеринин азайышы менен шартталган жана бул ишканалардын кайра инвестицияланган пайдасынын көлөмүнүн 132,1 млн. АКШ долларынан 77,8 млн. АКШ долларына чейин кыскарышынан улам жүргөн (41,1 пайызга төмөндөө). Компания-резиденттердин чет өлкөлүк тике инвесторлордун пайдасына дивиденд түрүндө бөлүштүрүлгөн кирешелеринин көлөмү 26,0 пайызга көбөйүп, 10,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, тике инвестициялар боюнча кирешелердин тартыштыгы 140,4 млн. АКШ долларынан 88,2 млн. АКШ долларына чейин азайган (37,2 пайызга төмөндөө).

Отчеттук мезгил ичинде мурда алынган кредиттер боюнча пайыздарды төлөө көлөмү мамлекеттик сектордун кредиттери боюнча төлөөлөрдүн өсүшүнүн эсебинен 6,4 пайызга көбөйүп, 30,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, өлкө резиденттери тарабынан башка инвестициялар боюнча алынган башка кирешелердин көлөмү 10,2 млн. АКШ долларынан 11,4 млн. АКШ долларына чейин өсүшү байкалган. Бүтүндөй алганда, бул “башка инвестициялар боюнча кирешелер” статьясынын тартыштыгынын 3,4 пайызга (19,5 млн. АКШ долларына чейин) көбөйүшүнө түрткү берген.

2014-жылдын биринчи жарымында “эмгекке төлөөлөр” статьясынын сальдосу да 11,2 млн. АКШ доллар (2,0 пайызга өсүү) өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул резидент эместердин Кыргыз Республикасында эмгектенүүсүнөн алынган кирешелердин чогуу алгандагы көлөмүнүн көбөйүүсү менен шартталган.

### ТРАНСФЕРТТЕР

*“Күндөлүк трансферттер” статьясы боюнча түшүүлөрдүн өсүш арымы басаңдаган, бирок алгылыктуу чекте сакталган.*

**Күндөлүк трансферттердин** оң балансы 2014-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги деңгээлден 2,5 пайызга ашуу менен 969,3 млн. АКШ долларына жеткен.

Күндөлүк трансферттер эсебине **жеке трансферттер** аныктоочу таасир тийгизген (башка секторлор), алардын таза агылып кирүүсү 0,2 пайызга кыскарып, 940,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай кыскаруу, агылып кирүү болгону 29,4 млн. АКШ долларына көбөйгөн шартта, жеке трансферттердин агылып чыгышы 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 31,8 млн. АКШ долларына өсүшү менен шартталган.

Жеке трансферттер түзүмүндө мурдагыдай эле аныктоочу ролду, иштеп жаткандардын акча которуулары ээлейт, алардын салыштырма салмагы жеке трансферттердин келип түшүүсүнүн дүң көлөмүнүн 97,6 пайызын түзөт. Отчеттук мезгил ичинде акча которуулардын дүң агылып кирүүсүнүн 3,7 пайызга өсүшү, алардын республикадан 19,0 пайызга агылып чыгышынын артышы менен солгундаган, натыйжада келип түшкөн акча которуулардын таза көлөмүнүн өсүшү 913,9 млн. АКШ долларына (0,9 пайызга өсүү) чейин басаңдаган.

**13-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***

*(млн. АКШ доллары)*

| | I ж/ж 10 | I ж/ж 11 | I ж/ж 12 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|
| **1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары** | **501,3** | **718,7** | **827,7** | **905,9** | **913,9** |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 547,9 | 804,3 | 943,6 | 1 071,4 | 1 110,9 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системаларынан түшүүлөр* | *495,8* | *732,4* | *862,2* | *984,1* | *1 023,7* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу трансферттери*[1] | *4,4* | *4,3* | *4,3* | *3,1* | *2,8* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *2,1* | *2,2* | *1,9* | *1,9* | *1,2* |
| *Улуттук банктын кошумча эсептөөлөрү*[2] | *45,6* | *65,3* | *75,2* | *82,4* | *83,1* |
| **1.1.2. Агылып чыгуу** | -46,5 | -85,6 | -115,9 | -165,5 | -196,9 |

** Улуттук банктын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен.*

*[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган которуулар эске алынган.*

*[2] Мигранттардын накталай формадагы которуулары боюнча эсептөөлөрү үчүн 10% өлчөмүндөгү кошумча баа берүү коэффициенти колдонулат.*

Сыртта иштеп жаткандардын акча каражаттарын республикага которуу негизинен которуу системалары аркылуу ишке ашырылууда[11]. Өтүп жаткан жылдын январь-июнь айларында которуу системасы аркылуу каражаттардын келип түшкөн таза көлөмү 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчтөн 0,9 пайызга ашуу менен 830,2 млн. АКШ долларын түзгөн[12]. Мында акча которуулардын географиялык түзүмү боюнча көлөмү өзгөрүүсүз калган. Отчеттук жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча акча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан келип түшкөн (96,9 пайыз). Ал эми башка өлкөлөрдүн салыштырма салмагы кыйла азыраак: которуулардын 0,9 пайызы АКШ жана Казакстан өлкөлөрүнө туура келген. Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулардын олуттуу салыштырма салмагы да Россия Федерациясына багытталган (94,7 пайыз).

**5-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**

*ИДӨгө карата пайыздарда*




Акча которуулар, соода тартыштыгын каржылаган негизги булак бойдон калууда. Которуулардын сальдосу мурдагыдай эле, керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жабат, ал өз кезегинде 667,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде күндөлүк трансферттер статьясынын (төлөм теңдеминин нейтралдуу берилиши) сальдосу 29,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2013-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 10 эсеге көбүрөөк. Мамлекеттик сектор тарабынан алынган акча гранттарынын көлөмү 30,3 млн. АКШ долларын түзгөн, алардын ичинен 30,0 млн. АКШ долларын бюджетти колдоо максатында Кыргыз Республикасына өтүп жаткан жылдын биринчи чейрегинде Россия Федерациясынан келип түшкөн грант түзөт. Эл аралык уюмдарга төлөнүп берилген мүчөлүк төлөмдөрдүн көлөмү отчеттук мезгил ичинде 19,8 пайызга кыскарып, 1,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

МАЗМУНУ

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

*2014-жылдын биринчи жарымында капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби мурдагыдай эле оң түптөлгөн. Буга негизги салымды мамлекеттик секторго берилген кредиттер кошкон.*

**6-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялардын эсеби**

*ИДӨгө карата пайыздарда*




Отчеттук жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** 480,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2013-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 6,7 пайызга көп.

**Капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу 22,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында жетишилген деңгээлден 89,8 пайызга төмөн. Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшүнө, 2013-жылдын экинчи чейрегинде Россия Федерациясы тарабынан 188,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө карыздын эсептен алынып салынышы түрткү берген, бул өткөн жылдын биринчи жарымындагы капитал менен операциялар эсебинин оң сальдосун кыйла көбөйткөн.

[11] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана «Кыргызпочтасы» МИ аркылуу которуулар.

[12] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүсүз.

**Финансылык эсеп** 2014-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча 457,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2013-жылдын январь-июнь айларына караганда 2,0 эсеге көп. Отчеттук мезгил ичинде капиталдын негизги агылып кириши «башка инвестициялар» статьялары боюнча байкалган.

2014-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча **«башка инвестициялар»** статьясы боюнча республикага тартылган каражаттардын таза көлөмү оң мааниде түптөлүп, 480,7 млн. АКШ долларына жеткен. Экономикага, негизинен мамлекеттик башкаруу секторуна сырттан кредиттерди тартуунун өсүшүнөн улам, өлкөнүн резиденттеринин милдеттенмелеринин 450,0 млн. АКШ долларына көбөйүүсү ушул статьянын динамикасына олуттуу таасир эткен.

Отчеттук мезгил ичинде кредиттердин таза агылып кириши оң сальдодо түптөлүп, 296,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

Мамлекеттик секторго кредиттердин дүң агылып кириши 94,0 пайызга өсүп, 252,0 млн. АКШ долларына жеткен. Мурда алынган кредиттердин негизги суммасы боюнча расмий сектордун төлөп берүүлөрү отчеттук мезгил ичинде 26,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндө катталган. Жыйынтыгында, мамлекет тарабынан алынган кредиттик каражаттардын таза көлөмү 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында жетишилген деңгээлден кыйла ашуу менен 225,1 млн. АКШ долларына жеткен.

Кредиттик каражаттардын агылып кириши 28,4 пайызга көбөйүп, 228,7 млн. АКШ долларына жеткен шартта, мурда алынган кредиттерди тейлөө боюнча жеке сектордун төлөп берүүлөрүнүн көлөмү, отчеттук мезгил ичинде 6,2 пайызга кыскарган (157,4 млн. АКШ доллар). Жыйынтыгында жеке секторго кредиттердин таза агылып кириши өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги деңгээлден кыйла ашып (10,4 млн. АКШ доллар), 71,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

Ишканалар-резиденттердин кредитордук карызынын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 134,1 млн. АКШ долларына өскөн (12,4 пайызга өсүү). Бүтүндөй алганда, кредитордук карыздын жалпы көлөмүндө басымдуу салыштырма салмакты кайра иштетүү өнөр жай ишканалары, чекене жана дүң соода, маалымат жана байланыш, кесиптик, илимий жана техника чөйрөсүндө иш алып барган, ошондой эле курулуш тармагында иштеген ишканалар ээлейт, аларга чогуу алгандагы карыздын жалпы суммасынын 85,4 пайызы туура келет.

Отчеттук мезгил ичинде резиденттердин активдери 30,7 млн. АКШ долларына кыскарган, бул негизинен коммерциялык банктардын чет өлкөдөгү активдери 27,3 млн. АКШ долларына азайышы менен шартталган. Резиденттердин дебитордук карызы да өтүп жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде 8,0 млн. АКШ долларына кыскарган, ошол эле учурда 2013-жылдын тиешелүү мезгилинде алардын 36,6 млн. АКШ долларына көбөйгөндүгү байкалган. 2014-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча чогуу алгандагы дебитордук карыздын дүң көлөмүнүн 89,0 пайыздан көбүрөөгү кайра иштетүү өнөр жай ишканаларына, кесиптик, илимий жана техника чөйрөсүндө иш алып барган мекемелерге, чекене жана дүң соодага жана курулушка туура келген.

Кароого алынган мезгил аралыгында резиденттердин чет өлкө банктарындагы эсептерде жайгаштырылган активдери 2,5 млн. АКШ долларына көбөйгөн. 2014-жылдын биринчи жарымынын акырына карата абал боюнча ишканалардын өлкөдөн тышкары ачылган эсептериндеги акча каражаттардын калдыгынын чогуу алгандагы көлөмүнүн 90,0 пайыздан көбү кайра иштетүү өнөр жай ишканаларына туура келгендигин белгилеп кетүү зарыл.

**«Тике инвестициялар»** статьясы боюнча сальдо отчеттук мезгил ичинде терс түптөлүп, 17,4 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2013-жылдын январь-июнь айларында ал оң мааниде калыптанып, 222,8 млн. АКШ долларына жеткен. Буга эң башкысы ишканалар-резиденттер тарабынан чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучулардан алынган кредиттер боюнча негизги сумманын ордун жабуу көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен, башка капиталга инвестицияланган 121,5 млн. АКШ долларына чейинки финансылык каражаттардын агылып чыгышынын артышы негизги таасирин тийгизген.

Кайра инвестицияланган кирешелердин таза агымы отчеттук мезгил ичинде 41,1 пайызга кыскарып, 77,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында акционердик капиталга инвестицияланган финансылык каражаттардын таза агылып кириши 26,4 млн. АКШ долларына жеткен (10,0 эседен көп өсүү).

Отчеттук мезгил ичинде экономикалык ишкердик түрлөрү боюнча алганда, кайра иштетүү өнөр жай ишканаларынан тике инвестициялардын көбүрөөк таза агылып чыгышы байкалган. Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөсүнүн ишканалары, ошондой эле кесиптик, илимий жана техникалык чөйрөдө иш алып барган чарба жүргүзүүчү субъекттер боюнча инвестициялардын таза агылып кириши

байкалган. Тике инвестициялардын географиялык түзүмүндө Улуу Британиядан капиталдын агылып кириши басымдуу экендиги катталган, ал эми Кытайга, Австралияга, Швейцарияга жана Канадага тике инвестиция каражаттарынын агылып чыгышы байкалган.

2014-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча **төлөм теңдеминин жалпы сальдосу** 74,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн.

**"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясынын балансы 120,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул өлкөгө капиталдын агылып киришине же товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна байланыштуу операциялар толук статистикалык эсепке алынбай жаткандыгын тастыктайт.

Дүң эл аралык камдардын көлөмү 2014-жылдын июнь айынын акырына карата 2 182,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 3,9 айынын ордун жабууга жетиштүү.

## 14-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүү)

*(млн.АКШ доллары)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013 I ж/ж | 2014 I ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын счету** | **-317,1** | **-593,0** | **-1675,1** | **-1807,8** | **-1031,4** | **-674,8** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -1403,4 | -1772,6 | -3567,2 | -3631,7 | -1806,4 | -1525,2 |
| Соода балансы* | -1202,2 | -1669,0 | -3210,6 | -3565,2 | -1697,7 | -1397,1 |
| Экспорт (ФОБ) | 1778,7 | 2267,0 | 1954,4 | 2048,4 | 741,9 | 817,5 |
| КМШ | 784,2 | 1019,6 | 1126,1 | 1026,0 | 437,7 | 392,7 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 994,5 | 1247,4 | 828,3 | 1022,4 | 304,2 | 424,8 |
| Импорт (ФОБ) | 2980,9 | 3935,9 | 5165,1 | 5613,6 | 2439,6 | 2214,6 |
| КМШ | 1590,2 | 2018,3 | 2689,4 | 2787,1 | 1266,0 | 1092,8 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 1390,6 | 1917,7 | 2475,7 | 2826,5 | 1173,6 | 1121,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -201,2 | -103,6 | -356,6 | -66,6 | -108,8 | -128,1 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 600,1 | 860,2 | 966,6 | 1042,7 | 417,8 | 412,1 |
| Алынган кызматтар | -801,3 | -963,9 | -1323,1 | -1109,2 | -526,6 | -540,2 |
| Кирешелер | -305,1 | -659,1 | -169,3 | -414,1 | -170,2 | -118,9 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -247,9 | -610,7 | -110,8 | -348,1 | -140,4 | -88,2 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,2 | 0,1 | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -25,1 | -19,2 | -29,7 | -44,0 | -18,9 | -19,5 |
| Кредиттер боюнча проценттер (график) | -35,8 | -39,7 | -46,8 | -61,0 | -29,1 | -30,9 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 10,7 | 20,4 | 17,1 | 17,0 | 10,2 | 11,4 |
| Эмгекке төлөөлөр | -32,3 | -29,4 | -28,8 | -22,0 | -10,9 | -11,2 |
| Күндөлүк трансферттер | 1391,3 | 1838,7 | 2061,5 | 2238,0 | 945,2 | 969,3 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **458,4** | **923,6** | **1032,5** | **1133,1** | **450,1** | **480,3** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -11,1 | 64,1 | 166,1 | 280,3 | 223,7 | 22,9 |
| Капиталдык трансферттер | -11,1 | 64,1 | 166,1 | 280,3 | 223,7 | 22,9 |
| Финансылык эсеп | 469,6 | 859,5 | 866,4 | 852,7 | 226,4 | 457,5 |
| Тике инвестициялар | 437,6 | 693,6 | 292,4 | 626,1 | 222,8 | -17,4 |
| Портфелдик инвестициялар | 27,1 | -0,3 | 5,7 | 4,8 | 2,4 | — |
| Финансылык деривативдер | — | — | -0,4 | -0,1 | -0,2 | -5,8 |
| Башка инвестициялар | 4,9 | 166,2 | 568,6 | 222,0 | 1,4 | 480,7 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | 128,7 | -232,1 | 138,1 | -68,4 | -57,3 | 30,7 |
| Коммерциялык банктар | 202,8 | -19,1 | -8,2 | -81,5 | -46,9 | 27,3 |
| Жана башка активдер | -74,1 | -213,0 | 146,4 | 13,1 | -10,4 | 3,4 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | -123,8 | 398,3 | 430,5 | 290,4 | 58,7 | 450,0 |
| Коммерциялык банктар | -225,6 | 7,3 | 8,6 | 24,7 | 10,5 | 19,5 |
| Кредиттер | 85,9 | 390,9 | 353,5 | 191,6 | -71,1 | 296,4 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 145,5 | 201,5 | 285,4 | 177,8 | -81,5 | 225,1 |
| Алынганы | 183,8 | 243,6 | 377,4 | 413,2 | 129,9 | 252,0 |
| Амортизация (график) | -38,3 | -42,2 | -92,0 | -235,4 | -211,4 | -26,9 |
| Жеке секторго кредиттер | -59,6 | 189,4 | 68,1 | 13,8 | 10,4 | 71,3 |
| Алынганы | 297,3 | 377,6 | 335,6 | 441,0 | 178,1 | 228,7 |
| Амортизация (график) | -356,9 | -188,2 | -267,5 | -427,2 | -167,8 | -157,4 |
| Жана башка милдеттенмелер | 15,9 | 0,2 | 68,4 | 74,1 | 119,3 | 134,1 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-30,8** | **-194,4** | **861,3** | **962,7** | **664,5** | **120,4** |
| **Жалпы баланс** | **110,5** | **136,2** | **218,7** | **288,0** | **83,2** | **-74,1** |
| **Каржылоо** | **-110,5** | **-136,2** | **-218,7** | **-288,0** | **-83,2** | **74,1** |
| Улуттук банктын камдары ("-" көбөйүү) | -112,3 | -112,8 | -200,5 | -277,4 | -78,7 | 83,3 |
| ЭВФтин кредиттери | -24,7 | -24,2 | -20,6 | -17,4 | -8,8 | -9,7 |
| Өзгөчө каржылоо | 27,5 | 1,4 | 3,0 | 6,8 | 4,2 | 0,5 |
| Жана башка каржылоо | -1,0 | -0,6 | -0,6 | — | — | — |

| 2013 | | | | 2014 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| **-540,2** | **-491,2** | **-492,0** | **-284,4** | **-419,0** | **-255,8** | **Күндөлүк операциялардын счету** |
| -818,4 | -988,0 | -1076,2 | -749,1 | -706,4 | -818,8 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -749,1 | -948,5 | -1024,5 | -843,0 | -632,7 | -764,4 | Соода балансы* |
| 335,5 | 406,4 | 487,3 | 819,2 | 384,9 | 432,6 | Экспорт (ФОБ) |
| 187,4 | 250,3 | 326,7 | 261,6 | 160,1 | 232,6 | КМШ |
| 148,1 | 156,1 | 160,7 | 557,5 | 224,9 | 199,9 | Алыскы чет мамлекеттер |
| 1084,6 | 1355,0 | 1511,8 | 1662,2 | 1017,6 | 1197,0 | Импорт (ФОБ) |
| 601,9 | 664,0 | 698,9 | 822,2 | 506,7 | 586,1 | КМШ |
| 482,7 | 690,9 | 813,0 | 839,9 | 511,0 | 610,9 | Алыскы чет мамлекеттер |
| -69,3 | -39,4 | -51,7 | 93,9 | -73,7 | -54,4 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 170,4 | 247,4 | 294,2 | 330,6 | 185,5 | 226,6 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -239,7 | -286,9 | -346,0 | -236,7 | -259,2 | -281,0 | Алынган кызматтар |
| -121,3 | -48,8 | -64,4 | -179,5 | -105,6 | -13,3 | Кирешелер |
| -102,0 | -38,4 | -49,1 | -158,7 | -83,3 | -4,9 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| — | — | — | — | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -13,9 | -5,0 | -9,6 | -15,5 | -16,4 | -3,1 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -19,7 | -9,3 | -13,0 | -18,9 | -19,8 | -11,1 | Кредиттер боюнча проценттер (график) |
| 5,9 | 4,3 | 3,3 | 3,5 | 3,5 | 7,9 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -5,5 | -5,5 | -5,7 | -5,3 | -5,9 | -5,3 | Эмгекке төлөөлөр |
| 399,6 | 545,6 | 648,7 | 644,1 | 392,9 | 576,4 | Күндөлүк трансферттер |
| **173,4** | **276,7** | **310,8** | **372,1** | **188,7** | **291,6** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| 17,1 | 206,6 | 22,6 | 34,1 | 12,3 | 10,6 | Капитал менен операциялардын эсеби |
| 17,1 | 206,6 | 22,6 | 34,1 | 12,3 | 10,6 | Капиталдык трансферттер |
| 156,4 | 70,0 | 288,3 | 338,1 | 176,5 | 281,0 | Финансылык эсеп |
| 91,0 | 131,9 | 312,1 | 91,2 | -38,7 | 21,3 | Тике инвестициялар |
| -4,0 | 6,4 | — | 2,5 | — | — | Портфелдик инвестициялар |
| -0,3 | 0,1 | -2,7 | 2,7 | -5,3 | -0,5 | Финансылык деривативдер |
| 69,7 | -68,3 | -21,1 | 241,7 | 220,4 | 260,2 | Башка инвестициялар |
| -66,2 | 8,9 | -105,9 | 94,7 | -24,6 | 55,3 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| -7,7 | -39,2 | -69,1 | 34,4 | 5,7 | 21,6 | Коммерциялык банктар |
| -58,5 | 48,1 | -36,8 | 60,3 | -30,2 | 33,7 | Жана башка активдер |
| 135,9 | -77,2 | 84,8 | 147,0 | 245,0 | 205,0 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 3,7 | 6,9 | 13,5 | 0,7 | 2,5 | 17,0 | Коммерциялык банктар |
| -7,3 | -63,9 | 66,1 | 196,7 | 102,7 | 193,8 | Кредиттер |
| 1,4 | -82,9 | 80,1 | 179,2 | 77,4 | 147,7 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 9,7 | 120,2 | 87,8 | 195,5 | 88,0 | 164,0 | Алынганы |
| -8,3 | -203,1 | -7,8 | -16,3 | -10,6 | -16,3 | Амортизация (график) |
| -8,7 | 19,0 | -14,0 | 17,4 | 25,2 | 46,1 | Жеке секторго кредиттер |
| 44,4 | 133,8 | 118,5 | 144,3 | 92,6 | 136,1 | Алынганы |
| -53,0 | -114,7 | -132,6 | -126,9 | -67,4 | -90,0 | Амортизация (график) |
| 139,5 | -20,2 | 5,3 | -50,5 | 139,9 | -5,8 | Жана башка милдеттенмелер |
| **383,8** | **280,7** | **224,5** | **73,7** | **105,9** | **14,5** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **17,1** | **66,1** | **43,3** | **161,4** | **-124,4** | **50,3** | **Жалпы баланс** |
| **-17,1** | **-66,1** | **-43,3** | **-161,4** | **124,4** | **-50,3** | **Каржылоо** |
| -13,1 | -65,6 | -38,4 | -160,3 | 128,5 | -45,2 | Улуттук банктын камдары ("-" көбөйүү) |
| -7,8 | -1,0 | -6,1 | -2,5 | -4,6 | -5,1 | ЭВФтин кредиттери |
| 3,8 | 0,4 | 1,2 | 1,4 | 0,5 | — | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |



МАЗМУНУ

# I тиркеме. Таблицалар жана графиктер

# I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (балансы) (нейтралдуу формасы)

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013 I ж/ж | 2014 I ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-317,1** | **-593,0** | **-1675,1** | **-1807,8** | **-1031,4** | **-674,8** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -1403,4 | -1772,6 | -3567,2 | -3631,7 | -1806,4 | -1525,2 |
| Товарлар* | -1202,2 | -1669,0 | -3210,7 | -3565,2 | -1697,7 | -1397,1 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 1778,7 | 2267,0 | 1954,4 | 2048,4 | 741,9 | 817,5 |
| экспорт | 842,9 | 997,5 | 1137,5 | 1082,6 | 469,1 | 454,9 |
| порттордон алынган товарлар | — | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 668,3 | 1006,2 | 562,3 | 736,8 | 199,5 | 289,3 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | 267,5 | 263,2 | 254,6 | 229,1 | 73,3 | 73,3 |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -2980,9 | -3935,9 | -5165,1 | -5613,6 | -2439,6 | -2214,6 |
| импорт (СИФ) | -3220,7 | -4242,7 | -5560,2 | -6054,2 | -2635,8 | -2392,5 |
| нарк боюнча оңдоолор | 242,2 | 325,3 | 411,2 | 456,2 | 203,1 | 182,3 |
| порттордон алынган товарлар | -2,4 | -18,5 | -16,1 | -15,6 | -6,8 | -4,4 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | — | — | — | — | — | — |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -201,2 | -103,6 | -356,6 | -66,6 | -108,8 | -128,1 |
| экспорт | 600,1 | 860,2 | 966,6 | 1042,7 | 417,8 | 412,1 |
| импорт | -801,3 | -963,9 | -1323,1 | -1109,2 | -526,6 | -540,2 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -266,6 | -332,1 | -461,7 | -358,0 | -192,6 | -211,0 |
| экспорт | 150,4 | 168,9 | 181,0 | 184,2 | 78,1 | 66,3 |
| импорт | -417,0 | -501,0 | -642,7 | -542,2 | -270,8 | -277,2 |
| Темир жол транспорту | -242,8 | -270,3 | -364,1 | -317,9 | -159,3 | -157,1 |
| экспорт | 37,9 | 30,3 | 32,5 | 35,2 | 13,0 | 16,1 |
| импорт | -280,6 | -300,6 | -396,6 | -353,1 | -172,3 | -173,1 |
| Аба транспорту | 27,4 | 13,8 | 19,2 | 45,0 | 16,5 | -10,3 |
| экспорт | 107,4 | 123,0 | 128,5 | 131,2 | 59,8 | 43,5 |
| импорт | -80,1 | -109,2 | -109,3 | -86,2 | -43,4 | -53,8 |
| Автомобиль транспорту | -36,4 | -62,1 | -83,2 | -59,2 | -38,1 | -27,9 |
| экспорт | 3,7 | 14,2 | 12,8 | 9,7 | 2,7 | 3,9 |
| импорт | -40,1 | -76,3 | -96,0 | -68,9 | -40,8 | -31,8 |
| Транспорттун башка түрлөрү | -14,8 | -13,5 | -33,6 | -25,9 | -11,7 | -15,7 |
| экспорт | 1,4 | 1,4 | 7,2 | 8,1 | 2,6 | 2,7 |
| импорт | -16,2 | -14,9 | -40,8 | -34,0 | -14,3 | -18,5 |
| Кыдыруулар | 11,5 | 109,5 | 84,5 | 179,2 | 62,9 | 12,2 |
| экспорт | 159,7 | 356,2 | 434,4 | 529,6 | 226,8 | 175,2 |
| импорт | -148,2 | -246,7 | -349,9 | -350,3 | -163,9 | -163,0 |
| Ишкер кыдыруулар | -9,9 | 22,4 | 1,3 | 42,0 | 10,7 | -11,1 |
| экспорт | 68,7 | 153,2 | 186,8 | 227,7 | 97,5 | 75,3 |
| импорт | -78,5 | -130,8 | -185,5 | -185,7 | -86,8 | -86,4 |
| Жеке кыдыруулар | 21,4 | 87,1 | 83,1 | 137,2 | 52,3 | 23,2 |
| экспорт | 91,0 | 203,0 | 247,6 | 301,9 | 129,3 | 99,9 |
| импорт | -69,6 | -116,0 | -164,5 | -164,7 | -77,0 | -76,6 |
| Байланыштык кызмат көрсөтүүлөр | 7,1 | 3,3 | 6,5 | 8,3 | 1,2 | 7,8 |
| экспорт | 19,9 | 15,3 | 11,3 | 20,5 | 3,4 | 15,7 |
| импорт | -12,8 | -12,1 | -4,8 | -12,1 | -2,2 | -7,9 |
| Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр | 21,0 | 21,4 | 24,5 | 42,3 | 9,1 | 19,7 |
| экспорт | 32,8 | 34,9 | 33,4 | 57,3 | 17,7 | 29,8 |
| импорт | -11,9 | -13,5 | -8,9 | -15,0 | -8,6 | -10,1 |
| Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр | -7,4 | -13,9 | -16,0 | -15,3 | -6,6 | -7,2 |
| экспорт | 6,7 | 2,1 | 0,9 | 0,4 | 0,2 | 0,4 |
| импорт | -14,1 | -16,0 | -16,9 | -15,7 | -6,8 | -7,5 |
| Экскурсиялык бюро кызматы | — | — | -0,2 | — | — | -0,1 |
| экспорт | — | — | 0,1 | — | — | — |
| импорт | — | — | -0,3 | — | — | -0,1 |

* Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске алуу менен.

| 2013 | | | | 2014 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **I** | **II** | **III** | **IV** | **I** | **II** | |
| **-540,2** | **-491,2** | **-492,0** | **-284,4** | **-419,0** | **-255,8** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -818,4 | -988,0 | -1076,2 | -749,1 | -706,4 | -818,8 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -749,1 | -948,5 | -1024,5 | -843,0 | -632,7 | -764,4 | Товарлар* |
| 335,5 | 406,4 | 487,3 | 819,2 | 384,9 | 432,6 | Товарлардын экспорту (ФОБ) |
| 216,5 | 252,6 | 310,4 | 303,1 | 190,2 | 264,7 | экспорт |
| — | — | — | — | — | — | порттордон алынган товарлар |
| 92,8 | 106,7 | 98,2 | 439,0 | 168,6 | 120,7 | монетардык эмес алтын |
| 26,2 | 47,1 | 78,7 | 77,1 | 26,2 | 47,1 | камтуу чөйрөсүнө оңдоолор |
| — | — | — | — | — | — | кайра иштетүү үчүн товарлар |
| -1084,6 | -1355,0 | -1511,8 | -1662,2 | -1017,6 | -1197,0 | Товарлардын импорту (ФОБ) |
| -1172,0 | -1463,8 | -1626,0 | -1792,3 | -1100,8 | -1291,7 | импорт (СИФ) |
| 90,5 | 112,5 | 119,1 | 134,0 | 85,0 | 97,3 | нарк боюнча оңдоолор |
| -3,15 | -3,68 | -4,93 | -3,83 | -1,81 | -2,54 | порттордон алынган товарлар |
| — | — | — | — | — | — | камтуу чөйрөсүнө оңдоолор |
| — | — | — | — | — | — | кайра иштетүү үчүн товарлар |
| -69,3 | -39,4 | -51,7 | 93,9 | -73,7 | -54,4 | Кызмат көрсөтүүлөр |
| 170,4 | 247,4 | 294,2 | 330,6 | 185,5 | 226,6 | экспорт |
| -239,7 | -286,9 | -346,0 | -236,7 | -259,2 | -281,0 | импорт |
| -88,0 | -104,7 | -141,1 | -24,3 | -96,7 | -114,2 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр |
| 35,3 | 42,9 | 51,2 | 54,8 | 33,0 | 33,2 | экспорт |
| -123,3 | -147,5 | -192,3 | -79,1 | -129,8 | -147,5 | импорт |
| -72,6 | -86,7 | -119,1 | -39,4 | -76,5 | -80,6 | Темир жол транспорту |
| 6,7 | 6,3 | 11,9 | 10,3 | 8,2 | 7,9 | экспорт |
| -79,3 | -93,0 | -131,1 | -49,7 | -84,7 | -88,5 | импорт |
| 7,5 | 9,0 | 3,3 | 25,3 | 0,3 | -10,6 | Аба транспорту |
| 25,9 | 34,0 | 33,3 | 38,1 | 21,0 | 22,5 | экспорт |
| -18,4 | -25,0 | -30,0 | -12,9 | -20,8 | -33,1 | импорт |
| -18,4 | -19,7 | -19,3 | -1,8 | -12,7 | -15,2 | Автомобиль транспорту |
| 1,5 | 1,3 | 2,9 | 4,0 | 2,4 | 1,6 | экспорт |
| -19,9 | -21,0 | -22,2 | -5,9 | -15,1 | -16,7 | импорт |
| -4,4 | -7,3 | -5,9 | -8,3 | -7,8 | -7,9 | Транспорттун башка түрлөрү |
| 1,3 | 1,3 | 3,1 | 2,4 | 1,4 | 1,3 | экспорт |
| -5,7 | -8,5 | -9,0 | -10,7 | -9,2 | -9,2 | импорт |
| 11,5 | 51,5 | 65,0 | 51,3 | -11,8 | 24,0 | Кыдыруулар |
| 82,7 | 144,1 | 158,5 | 144,2 | 72,7 | 102,5 | экспорт |
| -71,3 | -92,6 | -93,5 | -92,9 | -84,5 | -78,5 | импорт |
| -2,2 | 12,9 | 18,6 | 12,8 | -13,5 | 2,5 | Ишкер кыдыруулар |
| 35,6 | 62,0 | 68,2 | 62,0 | 31,3 | 44,1 | экспорт |
| -37,8 | -49,1 | -49,6 | -49,2 | -44,8 | -41,6 | импорт |
| 13,7 | 38,6 | 46,4 | 38,5 | 1,7 | 21,5 | Жеке кыдыруулар |
| 47,2 | 82,1 | 90,4 | 82,2 | 41,4 | 58,4 | экспорт |
| -33,5 | -43,5 | -44,0 | -43,7 | -39,7 | -36,9 | импорт |
| 0,8 | 0,5 | -5,9 | 13,0 | 6,5 | 1,3 | Байланыштык кызмат көрсөтүүлөр |
| 1,9 | 1,5 | 2,5 | 14,5 | 13,5 | 2,2 | экспорт |
| -1,2 | -1,0 | -8,5 | -1,5 | -7,0 | -0,9 | импорт |
| 0,8 | 8,3 | 17,4 | 15,8 | 4,9 | 14,8 | Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр |
| 5,0 | 12,7 | 21,5 | 18,1 | 8,8 | 21,0 | экспорт |
| -4,2 | -4,3 | -4,1 | -2,3 | -3,9 | -6,2 | импорт |
| -3,3 | -3,3 | -4,3 | -4,5 | -3,2 | -4,0 | Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр |
| 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,2 | экспорт |
| -3,4 | -3,4 | -4,4 | -4,6 | -3,3 | -4,2 | импорт |
| — | — | — | — | — | -0,1 | Экскурсиялык бюро кызматы |
| — | — | — | — | — | — | экспорт |
| — | — | — | — | — | -0,1 | импорт |



МАЗМУНУ

## I.1-таблица (уландысы)

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013 I ж/ж | 2014 I ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | -16,5 | -5,1 | -4,4 | -5,1 | -4,8 | -4,1 |
| экспорт | 0,6 | 1,8 | 3,5 | 6,7 | 2,3 | 1,3 |
| импорт | -17,1 | -6,9 | -8,0 | -11,8 | -7,1 | -5,4 |
| Компьютердик жана маалымат кызмат көрсөтүүлөр | -10,6 | -9,4 | -12,9 | -7,8 | -3,6 | -5,8 |
| экспорт | 3,1 | 1,4 | 2,1 | 1,5 | 0,5 | 0,6 |
| импорт | -13,6 | -10,8 | -14,9 | -9,4 | -4,1 | -6,4 |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 5,5 | 5,6 | 6,7 | 4,5 | 0,7 | -0,9 |
| экспорт | 14,6 | 14,2 | 15,5 | 15,4 | 5,6 | 4,7 |
| импорт | -9,1 | -8,6 | -8,8 | -10,9 | -4,8 | -5,6 |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | 5,0 | 65,8 | -29,6 | 40,4 | 19,5 | 31,9 |
| экспорт | 144,3 | 171,1 | 185,3 | 147,8 | 68,4 | 70,9 |
| импорт | -139,3 | -105,3 | -214,9 | -107,4 | -48,9 | -39,0 |
| анын ичинен Техникалык жардам | -20,7 | -21,9 | -21,0 | -20,7 | -10,7 | -10,0 |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | 49,8 | 51,3 | 46,1 | 44,9 | 5,4 | 29,4 |
| экспорт | 68,1 | 94,3 | 99,0 | 79,3 | 14,8 | 47,3 |
| импорт | -18,3 | -43,0 | -53,0 | -34,4 | -9,4 | -17,9 |
| Кирешелер | -305,1 | -659,1 | -169,3 | -414,1 | -170,2 | -118,9 |
| Эмгекке төлөөлөр | -32,3 | -29,4 | -28,8 | -22,0 | -10,9 | -11,2 |
| Инвестициялардан түшкөн кирешелер | -272,8 | -629,8 | -140,5 | -392,1 | -159,2 | -107,7 |
| Тике инвестициялар | -247,9 | -610,7 | -110,8 | -348,1 | -140,4 | -88,2 |
| Бөлүштүрүлгөн пайда | -9,1 | -133,9 | -9,8 | -203,9 | -8,3 | -10,4 |
| Реинвестицияланган кирешелер | -238,7 | -475,3 | -101,0 | -144,3 | -132,1 | -77,8 |
| Карыздан алынган кирешелер (пайыздар) | -0,1 | -1,5 | — | — | — | — |
| Портфелдик инвестициялар | 0,2 | 0,1 | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | -25,1 | -19,2 | -29,7 | -44,0 | -18,9 | -19,5 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -35,8 | -39,7 | -46,8 | -61,0 | -29,1 | -30,9 |
| АКЖО (ОДКР) | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -28,1 | -31,0 | -34,0 | -36,7 | -17,8 | -19,9 |
| Банктар | 4,4 | 5,7 | 5,3 | 1,7 | 1,6 | -0,2 |
| Башка секторлор | -12,1 | -14,4 | -18,1 | -26,0 | -12,9 | -10,9 |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | 10,7 | 20,4 | 17,1 | 17,0 | 10,2 | 11,4 |
| Күндөлүк трансферттер | 1391,3 | 1838,7 | 2061,5 | 2238,0 | 945,2 | 969,3 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 78,2 | 83,3 | 63,2 | 84,1 | 2,6 | 29,0 |
| Товардык гранттар | 0,4 | — | — | — | — | — |
| Техникалык жардам | — | — | — | — | — | — |
| Эл аралык уюмдарга төлөмдөр | -3,6 | -4,3 | -3,4 | -2,9 | -1,5 | -1,2 |
| Акчалай гранттар | 81,4 | 87,6 | 66,5 | 87,0 | 4,2 | 30,3 |
| Башка секторлор | 1313,1 | 1755,4 | 1998,3 | 2153,9 | 942,6 | 940,3 |
| Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 1243,8 | 1661,5 | 1951,7 | 2101,3 | 905,9 | 913,9 |
| Түшүүлөр | 1379,3 | 1859,7 | 2208,8 | 2469,0 | 1071,4 | 1110,9 |
| Агылып чыгуу | -135,5 | -198,3 | -257,1 | -367,7 | -165,5 | -196,9 |
| Башка трансферттер | 69,3 | 93,9 | 46,6 | 52,5 | 36,7 | 26,3 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **347,9** | **787,4** | **813,8** | **845,1** | **366,9** | **554,4** |
| Капитал менен операциялар эсеби | -11,1 | 64,1 | 166,1 | 280,3 | 223,7 | 22,9 |
| Капиталдык трансферттер | -11,1 | 64,1 | 166,1 | 280,3 | 223,7 | 22,9 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 70,9 | 121,6 | 172,5 | 269,6 | 221,4 | 24,8 |
| Товарлар түрүндөгү гранттар | — | — | — | — | — | — |
| Техникалык жардам | 20,0 | 20,0 | 20,0 | 20,0 | 10,0 | 10,0 |
| Башка трансферттер | 50,9 | 101,6 | 103,2 | 60,6 | 22,5 | 14,8 |
| Карыздарды жокко чыгаруу | — | — | 49,2 | 188,9 | 188,9 | — |
| Башка секторлор | -82,1 | -57,5 | -6,4 | 10,8 | 2,3 | -1,9 |
| Элдин көчүп кетүүлөрүнө б-туу трансферттер* | -119,7 | -93,2 | -17,7 | -17,0 | -8,4 | -9,1 |
| Түшүүлөр | 9,2 | 15,0 | 13,1 | 10,3 | 5,0 | 4,9 |
| Агылып чыгуу | -129,0 | -108,2 | -30,8 | -27,3 | -13,3 | -13,9 |
| Товарлар түрүндөгү гранттар | 37,7 | 35,7 | 11,3 | 27,8 | 10,7 | 7,1 |

* Улуттук банктын берген баасы боюнча маалыматтар.

| 2013 | | | | 2014 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| -3,5 | -1,4 | -2,2 | 2,0 | -0,8 | -3,4 | **Финансылык кызмат көрсөтүүлөр** |
| 0,5 | 1,8 | 0,7 | 3,6 | 1,0 | 0,2 | экспорт |
| -4,0 | -3,1 | -3,0 | -1,7 | -1,8 | -3,6 | импорт |
| -1,9 | -1,7 | -1,6 | -2,6 | -3,5 | -2,3 | Компьютердик жана маалымат кызмат көрсөтүүлөр |
| 0,1 | 0,3 | 0,6 | 0,5 | 0,2 | 0,4 | экспорт |
| -2,1 | -2,0 | -2,2 | -3,1 | -3,8 | -2,7 | импорт |
| 0,3 | 0,5 | 2,7 | 1,1 | -0,6 | -0,3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр |
| 2,5 | 3,1 | 5,4 | 4,4 | 2,3 | 2,4 | экспорт |
| -2,2 | -2,6 | -2,7 | -3,3 | -2,9 | -2,7 | импорт |
| 9,8 | 9,7 | 2,5 | 18,5 | 18,0 | 13,9 | Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр |
| 34,7 | 33,7 | 32,4 | 47,0 | 33,8 | 37,1 | экспорт |
| -24,8 | -24,1 | -29,9 | -28,6 | -15,8 | -23,2 | импорт |
| -5,0 | -5,7 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | анын ичинен Техникалык жардам |
| 4,2 | 1,2 | 15,8 | 23,7 | 13,6 | 15,8 | Жана башка кызмат көрсөтүүлөр |
| 7,5 | 7,3 | 21,1 | 43,4 | 19,9 | 27,4 | экспорт |
| -3,3 | -6,1 | -5,3 | -19,7 | -6,4 | -11,6 | импорт |
| -121,3 | -48,8 | -64,4 | -179,5 | -105,6 | -13,3 | Кирешелер |
| -5,5 | -5,5 | -5,7 | -5,3 | -5,9 | -5,3 | Эмгекке төлөөлөр |
| -115,9 | -43,3 | -58,7 | -174,2 | -99,7 | -8,0 | Инвестициялардан түшкөн кирешелер |
| -102,0 | -38,4 | -49,1 | -158,7 | -83,3 | -4,9 | Тике инвестициялар |
| -8,3 | — | -3,7 | -191,9 | -13,9 | 3,4 | Бөлүштүрүлгөн пайда |
| -93,7 | -38,4 | -45,4 | 33,2 | -69,4 | -8,3 | Реинвестицияланган кирешелер |
| — | — | — | — | — | — | Карыздан алынган кирешелер (пайыздар) |
| — | — | — | — | — | — | Портфелдик инвестициялар |
| -13,9 | -5,0 | -9,6 | -15,5 | -16,4 | -3,1 | Башка инвестициялар |
| -19,7 | -9,3 | -13,0 | -18,9 | -19,8 | -11,1 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| — | — | — | — | — | — | АКЖО (ОДКР) |
| -11,7 | -6,1 | -10,4 | -8,6 | -11,8 | -8,1 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 1,3 | 0,3 | 0,3 | -0,2 | -0,1 | -0,1 | Банктар |
| -9,3 | -3,6 | -2,9 | -10,2 | -8,0 | -2,9 | Башка секторлор |
| 5,9 | 4,3 | 3,3 | 3,5 | 3,5 | 7,9 | Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер |
| 399,6 | 545,6 | 648,7 | 644,1 | 392,9 | 576,4 | Күндөлүк трансферттер |
| -0,8 | 3,4 | 21,8 | 59,7 | 29,2 | -0,2 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| — | — | — | — | — | — | Товардык гранттар |
| — | — | — | — | — | — | Техникалык жардам |
| -0,8 | -0,8 | -0,3 | -1,0 | -0,9 | -0,3 | Эл аралык уюмдарга төлөмдөр |
| — | 4,2 | 22,1 | 60,7 | 30,2 | 0,1 | Акчалай гранттар |
| 400,3 | 542,2 | 626,9 | 584,4 | 363,7 | 576,6 | Башка секторлор |
| 386,9 | 519,0 | 618,1 | 577,3 | 349,8 | 564,2 | Иштеп жаткандардын акчалай которуулары |
| 460,6 | 610,8 | 718,7 | 678,9 | 446,4 | 664,5 | Түшүүлөр |
| -73,7 | -91,8 | -100,6 | -101,6 | -96,6 | -100,3 | Агылып чыгуу |
| 13,4 | 23,3 | 8,8 | 7,1 | 13,9 | 12,4 | Башка трансферттер |
| **156,3** | **210,5** | **267,5** | **210,7** | **313,1** | **241,3** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| 17,1 | 206,6 | 22,6 | 34,1 | 12,3 | 10,6 | Капитал менен операциялар эсеби |
| 17,1 | 206,6 | 22,6 | 34,1 | 12,3 | 10,6 | Капиталдык трансферттер |
| 15,5 | 205,9 | 19,4 | 28,8 | 10,6 | 14,2 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| — | — | — | — | — | — | Товарлар түрүндөгү гранттар |
| 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | Техникалык жардам |
| 10,5 | 12,0 | 14,4 | 23,8 | 5,6 | 9,2 | Башка трансферттер |
| — | 188,9 | — | — | — | — | Карыздарды жокко чыгаруу |
| 1,6 | 0,7 | 3,2 | 5,3 | 1,6 | -3,6 | Башка секторлор |
| -3,6 | -4,7 | -5,4 | -3,3 | -3,6 | -5,4 | Элдин көчүп кетүүлөрүнө б-туу трансферттер* |
| 2,5 | 2,4 | 2,7 | 2,6 | 2,5 | 2,3 | Түшүүлөр |
| -6,2 | -7,2 | -8,1 | -5,9 | -6,2 | -7,8 | Агылып чыгуу |
| 5,2 | 5,5 | 8,6 | 8,6 | 5,3 | 1,8 | Товарлар түрүндөгү гранттар |

МАЗМУНУ

## I.1-таблица (уландысы)

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013 I ж/ж | 2014 I ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык эсеп | 359,1 | 723,3 | 647,7 | 564,7 | 143,2 | 531,6 |
| Тике инвестициялар | 437,6 | 693,6 | 292,4 | 626,1 | 222,8 | -17,4 |
| Чет мамлекеттерге | — | 0,1 | -0,3 | — | — | — |
| Кыргыз Республикасына | 437,6 | 693,5 | 292,7 | 626,1 | 222,9 | -17,3 |
| Түшүүлөр | 666,1 | 849,2 | 590,7 | 964,5 | 345,5 | 197,8 |
| Агылып чыгуу | -228,5 | -155,7 | -298,1 | -338,4 | -122,6 | -215,1 |
| Акционердик капиталга | -7,9 | 71,8 | 11,3 | 18,1 | 2,6 | 26,4 |
| Түшүүлөр | 22,4 | 86,6 | 26,9 | 58,6 | 25,6 | -9,4 |
| Агылып чыгуу | -30,3 | -14,8 | -15,5 | -40,5 | -23,0 | 35,8 |
| Реинвестицияланган кирешелер | 238,7 | 475,3 | 101,0 | 144,3 | 132,1 | 77,8 |
| Жана башка капитал | 206,8 | 146,4 | 180,3 | 463,8 | 88,2 | -121,5 |
| Түшүүлөр | 405,0 | 287,3 | 462,9 | 761,7 | 187,8 | 129,4 |
| Агылып чыгуу | -198,2 | -140,9 | -282,5 | -297,9 | -99,6 | -250,9 |
| Портфелдик инвестициялар | 27,1 | -0,3 | 5,7 | 4,8 | 2,4 | — |
| Активдер | 45,2 | -5,8 | 5,6 | 6,2 | 6,2 | — |
| Акционердик капиталга | 22,9 | — | — | — | — | — |
| Карыздык баалуу кагаздар | 22,3 | -5,8 | 5,6 | 6,2 | 6,2 | — |
| Милдеттенмелер | -18,2 | 5,5 | 0,1 | -1,4 | -3,8 | — |
| Акционердик капиталга | -18,2 | 5,5 | — | -1,6 | -4,1 | — |
| Карыздык баалуу кагаздар | — | — | 0,1 | 0,2 | 0,2 | — |
| Финансы деривативдери | — | — | -0,4 | -0,1 | -0,2 | -5,8 |
| Активдер | — | — | -0,4 | -0,1 | -0,2 | -5,8 |
| Милдеттенмелер | — | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 6,7 | 142,9 | 550,5 | 211,3 | -3,2 | 471,4 |
| Активдер | 128,7 | -232,1 | 138,1 | -68,4 | -57,3 | 30,7 |
| Накталай акчалар жана депозиттер | 192,0 | -182,9 | 173,0 | -49,0 | -19,5 | 24,7 |
| Банктар | 202,8 | -19,1 | -8,2 | -81,5 | -46,9 | 27,3 |
| Башка секторлор | -10,8 | -163,9 | 181,3 | 32,5 | 27,3 | -2,5 |
| Соодалык кредиттер | -65,1 | -44,5 | -28,2 | -68,2 | -36,6 | 8,0 |
| Башка секторлор | -65,1 | -44,5 | -28,2 | -68,2 | -36,6 | 8,0 |
| Узак мөөнөттүү | -43,6 | -29,8 | -18,9 | -45,7 | -24,5 | 5,4 |
| Кыска мөөнөттүү | -21,5 | -14,7 | -9,3 | -22,5 | -12,1 | 2,6 |
| Жана башка активдер | 1,8 | -4,6 | -6,7 | 48,7 | -1,2 | -2,0 |
| АКЖО (ОДКР) | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Милдеттенмелер | -122,0 | 375,0 | 412,4 | 279,8 | 54,1 | 440,7 |
| Накталай акчалар жана депозиттер | -220,6 | 7,3 | 8,6 | 24,7 | 10,5 | 11,4 |
| Банктар | -220,6 | 7,3 | 8,6 | 24,7 | 10,5 | 11,4 |
| Соодалык кредиттер | 15,9 | 0,2 | 68,4 | 74,1 | 119,3 | 134,1 |
| Башка секторлор | 15,9 | 0,2 | 68,4 | 74,1 | 119,3 | 134,1 |
| Узак мөөнөттүү | 8,7 | 0,1 | 37,6 | 40,7 | 65,6 | 73,7 |
| Кыска мөөнөттүү | 7,1 | 0,1 | 30,8 | 33,3 | 53,7 | 60,3 |
| **Кредиттер** | 55,2 | 366,1 | 332,3 | 174,2 | -79,9 | 294,7 |
| Алынганы | 483,9 | 621,2 | 713,0 | 854,2 | 308,0 | 523,2 |
| АКЖО (ОДКР) | — | — | — | — | — | — |
| Узак мөөнөттүү | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 183,8 | 243,6 | 377,4 | 413,2 | 129,9 | 252,0 |
| Узак мөөнөттүү | 183,8 | 243,6 | 377,4 | 413,2 | 129,9 | 252,0 |
| Кыска мөөнөттүү | — | — | — | — | — | — |

МАЗМУНУ

| 2013 | | | | 2014 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| 139,3 | 3,9 | 244,9 | 176,6 | 300,9 | 230,7 | **Финансылык эсеп** |
| 91,0 | 131,9 | 312,1 | 91,2 | -38,7 | 21,3 | Тике инвестициялар |
| — | — | — | — | — | — | Чет мамлекеттерге |
| 91,0 | 131,9 | 312,0 | 91,2 | -38,6 | 21,3 | Кыргыз Республикасына |
| 179,8 | 165,6 | 340,3 | 278,7 | 148,7 | 49,0 | Түшүүлөр |
| -88,8 | -33,8 | -28,3 | -187,5 | -187,4 | -27,7 | Агылып чыгуу |
| 5,7 | -3,2 | 5,5 | 10,0 | 2,8 | 23,6 | Акционердик капиталга |
| 12,3 | 13,3 | 9,3 | 23,7 | 4,8 | -14,2 | Түшүүлөр |
| -6,6 | -16,4 | -3,8 | -13,7 | -2,1 | 37,8 | Агылып чыгуу |
| 93,7 | 38,4 | 45,4 | -33,2 | 69,4 | 8,3 | Реинвестицияланган кирешелер |
| -8,4 | 96,7 | 261,1 | 114,4 | -110,9 | -10,6 | Жана башка капитал |
| 73,8 | 114,0 | 285,6 | 288,2 | 74,4 | 54,9 | Түшүүлөр |
| -82,2 | -17,3 | -24,5 | -173,8 | -185,3 | -65,6 | Агылып чыгуу |
| -4,0 | 6,4 | — | 2,5 | — | — | Портфелдик инвестициялар |
| — | 6,2 | — | — | — | — | Активдер |
| — | — | — | — | — | — | Акционердик капиталга |
| — | 6,2 | — | — | — | — | Карыздык баалуу кагаздар |
| -4,0 | 0,2 | — | 2,5 | — | — | Милдеттенмелер |
| -4,0 | -0,1 | — | 2,5 | — | — | Акционердик капиталга |
| — | 0,2 | — | — | — | — | Карыздык баалуу кагаздар |
| -0,3 | 0,1 | -2,7 | 2,7 | -5,3 | -0,5 | Финансы деривативдери |
| -0,3 | 0,1 | -2,7 | 2,7 | -5,3 | -0,5 | Активдер |
| — | — | — | — | — | — | Милдеттенмелер |
| 65,7 | -68,9 | -26,0 | 240,5 | 216,3 | 255,1 | Башка инвестициялар |
| -66,2 | 8,9 | -105,9 | 94,7 | -24,6 | 55,3 | Активдер |
| -16,6 | -2,9 | -62,8 | 33,4 | 5,6 | 19,1 | Накталай акчалар жана депозиттер |
| -7,7 | -39,2 | -69,1 | 34,4 | 5,7 | 21,6 | Банктар |
| -9,0 | 36,3 | 6,3 | -1,1 | -0,1 | -2,5 | Башка секторлор |
| -48,5 | 11,9 | -40,2 | 8,7 | -30,2 | 38,2 | Соодалык кредиттер |
| -48,5 | 11,9 | -40,2 | 8,7 | -30,2 | 38,2 | Башка секторлор |
| -32,5 | 8,0 | -27,0 | 5,8 | -20,2 | 25,6 | Узак мөөнөттүү |
| -16,0 | 3,9 | -13,3 | 2,9 | -10,0 | 12,6 | Кыска мөөнөттүү |
| -1,1 | -0,1 | -2,8 | 52,7 | — | -2,0 | Жана башка активдери |
| — | — | — | — | — | — | АКЖО (ОДКР) |
| — | — | — | — | — | — | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 131,9 | -77,8 | 79,8 | 145,8 | 240,9 | 199,8 | Милдеттенмелер |
| 3,7 | 6,9 | 13,5 | 0,7 | 2,5 | 8,9 | Накталай акчалар жана депозиттер |
| 3,7 | 6,9 | 13,5 | 0,7 | 2,5 | 8,9 | Банктар |
| 139,5 | -20,2 | 5,3 | -50,5 | 139,9 | -5,8 | Соодалык кредиттер |
| 139,5 | -20,2 | 5,3 | -50,5 | 139,9 | -5,8 | Башка секторлор |
| 76,7 | -11,1 | 2,9 | -27,7 | 76,9 | -3,2 | Узак мөөнөттүү |
| 62,8 | -9,1 | 2,4 | -22,7 | 62,9 | -2,6 | Кыска мөөнөттүү |
| -15,1 | -64,8 | 60,0 | 194,1 | 98,1 | 196,7 | Кредиттер |
| 54,1 | 253,9 | 206,4 | 339,8 | 180,6 | 342,6 | Алынганы |
| — | — | — | — | — | — | АКЖО (ОДКР) |
| — | — | — | — | — | — | Узак мөөнөттүү |
| 9,7 | 120,2 | 87,8 | 195,5 | 88,0 | 164,0 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 9,7 | 120,2 | 87,8 | 195,5 | 88,0 | 164,0 | Узак мөөнөттүү |
| — | — | — | — | — | — | Кыска мөөнөттүү |

МАЗМУНУ

## I.1-таблица (уландысы)

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013<br>1 ж/ж | 2014<br>1 ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Банктар | 18,2 | 53,4 | 50,4 | 62,7 | 26,9 | 88,3 |
| Узак мөөнөттүү | 15,4 | 53,4 | 48,6 | 61,7 | 25,9 | 45,8 |
| Кыска мөөнөттүү | 2,8 | — | 1,8 | 1,0 | 1,0 | 42,5 |
| Башка секторлор | 279,2 | 324,1 | 285,2 | 323,8 | 151,3 | 183,0 |
| Узак мөөнөттүү | 279,2 | 324,1 | 285,2 | 323,8 | 151,3 | 183,0 |
| Кыска мөөнөттүү | — | — | — | — | — | — |
| Амортизация (график) | -428,7 | -255,1 | -380,6 | -636,4 | -387,9 | -228,4 |
| АКЖО (ОДКР) | -25,7 | -24,8 | -21,2 | -17,4 | -8,8 | -9,7 |
| Узак мөөнөттүү | -25,7 | -24,8 | -21,2 | -17,4 | -8,8 | -9,7 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -38,3 | -42,2 | -92,0 | -235,4 | -211,4 | -26,9 |
| Узак мөөнөттүү | -38,3 | -42,2 | -92,0 | -235,4 | -211,4 | -26,9 |
| Кыска мөөнөттүү | — | — | — | — | — | — |
| Банктар | -61,0 | -22,1 | -46,7 | -61,9 | -43,7 | -67,3 |
| Узак мөөнөттүү | -53,2 | -22,1 | -44,9 | -60,9 | -42,7 | -32,9 |
| Кыска мөөнөттүү | -7,8 | — | -1,8 | -1,0 | -1,0 | -34,4 |
| Башка секторлор | -295,9 | -166,1 | -220,8 | -321,7 | -124,1 | -124,6 |
| Узак мөөнөттүү | -295,9 | -166,1 | -220,8 | -321,7 | -124,1 | -124,6 |
| Кыска мөөнөттүү | — | — | — | — | — | — |
| Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар | 27,5 | 1,4 | 3,0 | 7,2 | 4,2 | 0,5 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 1,0 | 1,4 | 3,0 | 5,5 | 3,4 | 0,5 |
| Башка секторлор | 26,5 | — | — | 1,7 | 0,8 | — |
| Башка милдеттенмелер* | — | — | — | — | — | — |
| АКЖО (ОДКР) | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | — | — | — | — | — | — |
| Камдык активдер | -112,3 | -112,8 | -200,5 | -277,4 | -78,7 | 83,3 |
| Монетардык алтын | — | -1,4 | -24,0 | -24,7 | -11,8 | -8,5 |
| Атайы карыз алышуу укугу | -9,1 | -5,7 | -8,8 | -11,9 | -5,8 | 9,7 |
| Чет өлкө валютасы | -103,2 | -105,7 | -167,7 | -240,8 | -61,2 | 82,2 |
| **Таза каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-30,8** | **-194,4** | **861,3** | **760,3** | **664,5** | **120,4** |
| **Жалпы баланс** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |

Эскертүү:
* Өлкөлөрдүн төлөм тендемин колдоого алуу үчүн ЭВФке мүчө болгон өлкөлөр арасында АКУну (СДР) бөлүштүрүүсүн кошо алганда Кыргыз Республикасынын милдеттенмеси 132,2 млн. АКШ долларына көбөйгөн.
Узак мөөнөттүү инвестициялар - төлөө мөөнөтү контрактыга ылайык бир жылдан ашкан мөөнөттү түзгөн же деги эле макулдашылбаган финансылык активдерге салымдар.
Кыска мөөнөттүү инвестициялар - алгач түзүлгөн контрактыга ылайык төлөө мөөнөтү бир жыл жана ага жетпеген мөөнөттү түзгөн же биринчи талап боюнча төлөнүп берилген финансылык активдерге салымдар.

| 2013 | | | | 2014 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| 6,1 | 20,8 | 17,4 | 18,5 | 23,1 | 65,2 | Банктар |
| 5,1 | 20,8 | 17,4 | 18,5 | 23,1 | 22,7 | Узак мөөнөттүү |
| 1,0 | — | — | — | — | 42,5 | Кыска мөөнөттүү |
| 38,3 | 113,0 | 101,2 | 71,4 | 69,5 | 113,4 | Башка секторлор |
| 38,3 | 113,0 | 101,2 | 71,4 | 69,5 | 113,4 | Узак мөөнөттүү |
| — | — | — | — | — | — | Кыска мөөнөттүү |
| -69,2 | -318,8 | -146,4 | -102,1 | -82,6 | -145,9 | Амортизация (график) |
| -7,8 | -1,0 | -6,1 | -2,5 | -4,6 | -5,1 | АКЖО (ОДКР) |
| -7,8 | -1,0 | -6,1 | -2,5 | -4,6 | -5,1 | Узак мөөнөттүү |
| -8,3 | -203,1 | -7,8 | -16,3 | -10,6 | -16,3 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| -8,3 | -203,1 | -7,8 | -16,3 | -10,6 | -16,3 | Узак мөөнөттүү |
| — | — | — | — | — | — | Кыска мөөнөттүү |
| -5,7 | -38,0 | -10,1 | -8,1 | -18,8 | -48,5 | Банктар |
| -4,7 | -38,0 | -10,1 | -8,1 | -18,8 | -14,1 | Узак мөөнөттүү |
| -1,0 | — | — | — | — | -34,4 | Кыска мөөнөттүү |
| -47,3 | -76,8 | -122,5 | -75,1 | -48,6 | -76,0 | Башка секторлор |
| -47,3 | -76,8 | -122,5 | -75,1 | -48,6 | -76,0 | Узак мөөнөттүү |
| — | — | — | — | — | — | Кыска мөөнөттүү |
| 3,8 | 0,4 | 1,2 | 1,8 | 0,5 | — | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар |
| 3,4 | — | 0,7 | 1,4 | 0,5 | — | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | — | — | Башка секторлор |
| — | — | — | — | — | — | Башка милдеттенмелер* |
| — | — | — | — | — | — | АКЖО (ОДКР) |
| — | — | — | — | — | — | Башка секторлор |
| -13,1 | -65,6 | -38,4 | -160,3 | 128,5 | -45,2 | Камдык активдер |
| -5,8 | -5,9 | -6,5 | -6,4 | -3,7 | -4,8 | Монетардык алтын |
| 7,8 | -13,6 | 5,9 | -12,1 | 4,6 | 5,1 | Атайы карыз алышуу укугу |
| -15,1 | -46,1 | -37,8 | -141,8 | 127,7 | -45,5 | Чет өлкө валютасы |
| **383,8** | **280,7** | **224,5** | **-128,7** | **105,9** | **14,5** | **Таза каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **Жалпы баланс** |

## I.2-таблица. Экспортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү

*(млн. АКШ долларында)*

| Топтун аталышы | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **1 488,4** | **1 978,9** | **1 673,0** | **1 790,5** | **655,5** | **732,5** |
| Тирүү мал, малдан алынган азык-түлүктөр | 43,5 | 38,5 | 33,9 | 30,7 | 8,7 | 15,9 |
| Өсүмдүктөрдөн алынган продукциялар | 104,1 | 138,5 | 147,6 | 170,0 | 61,8 | 59,2 |
| Май жана малдын же өсүмдүк майлары | 1,1 | — | — | 0,1 | — | — |
| Тамак-аш азыктары, алкоголь ичимдиктери, суусун-р, уксус,тамеки | 45,2 | 46,3 | 42,9 | 43,7 | 16,1 | 23,7 |
| Минерал продукциясы* | 125,9 | 216,5 | 240,7 | 206,9 | 82,5 | 80,5 |
| Химия жана аны менен байланыштуу тармактардын продукциялары | 166,9 | 49,1 | 57,7 | 48,2 | 23,6 | 27,0 |
| Пластмасса, андан жасалган буюмдар, каучук жана резина буюмдары | 9,3 | 23,0 | 26,2 | 53,3 | 27,1 | 23,0 |
| Иштетилбеген булгаары, булгаары, накта мех, ат жабдыктары | 6,7 | 12,0 | 10,7 | 11,6 | 5,6 | 4,9 |
| Жыгач, андан жасалган буюмдар, көмүр, пробка (тыгындар) | 0,1 | 0,3 | 0,8 | 0,9 | 0,6 | 0,1 |
| Жыгачтан же башка материалдардан алынган кагаз массасы | 6,2 | 9,5 | 9,4 | 9,3 | 4,9 | 4,0 |
| Текстиль жана токулган буюмдар | 161,8 | 189,0 | 204,6 | 140,5 | 63,7 | 66,4 |
| Бут жана баш киймдер, кол чатырлар, бүктөлүүчү тросттор, камчылар | 2,4 | 3,8 | 3,4 | 4,7 | 1,6 | 3,9 |
| Таштан, гипстен, цементен, асбесттен, тунук минер-дан буюмдар | 10,3 | 10,2 | 29,3 | 46,4 | 22,7 | 18,4 |
| Баалуу металлдар, бермет таш, баалуу таштар | 671,7 | 1 017,1 | 569,0 | 742,7 | 202,0 | 295,3 |
| Баалуулукка жатпаган металлдар жана андан жасалган буюмдар | 36,9 | 70,6 | 74,7 | 83,5 | 37,6 | 26,9 |
| Машиналар, жабдуулар жана механизмдер | 49,8 | 55,7 | 71,0 | 78,8 | 38,5 | 36,3 |
| Жерде жүрүүчү, аба жана суу транспорттору, алардан бөлүктөрү | 36,7 | 69,4 | 140,2 | 100,0 | 55,4 | 40,8 |
| Оптика, сүрөт, кинематография, өлчөө приборлору жана аппараттары | 1,3 | 6,6 | 5,0 | 12,7 | 0,6 | 0,7 |
| Өнөр жайынын атайы багыттары жана башка продукциялары | 4,8 | 18,0 | 0,2 | 0,5 | 0,2 | 2,5 |
| Ар түрдүү өнөр жай товарлары | 3,8 | 4,9 | 5,6 | 6,2 | 2,5 | 2,8 |
| Искусство чыгармалары, коллекциялоо буюмдары жана антиквариат | — | — | — | — | — | — |

Эскертүү:
УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында
“Алып сатарлардын” соодасын эске алуу менен
* энергопродукцияларды кошо алганда

МАЗМУНУ

## I.3-таблица. Экспортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү

*(млн. АКШ долларында)*

| Бөлүктүн аталышы | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | I ж/ж 13 | I ж/ж 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **1 488,4** | **1 978,9** | **1 673,0** | **1 790,5** | **655,5** | **732,5** |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү малдар | 160,7 | 194,5 | 204,1 | 218,1 | 78,7 | 82,8 |
| Суусундуктар жана тамеки | 30,2 | 25,7 | 17,6 | 22,4 | 6,4 | 15,1 |
| Отундан тышкары, азык-түлүк чийки заттар | 53,2 | 87,7 | 127,6 | 73,8 | 33,0 | 39,4 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана у.э. материалдар | 117,5 | 184,3 | 166,3 | 166,9 | 64,5 | 56,6 |
| Малдын майлары жана өсүмдүк майлары, мом | — | 0,1 | — | 0,2 | — | 0,1 |
